**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д12.15. 511 Диссертациялык кеңеши**

**Кол жазма укугунда**
***УДК:340.11(575.2)(043.3)***

**Атакулова Аида Асыпбековна**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ СОТ БИЙЛИГИ: ТАРЫХЫЙ-УКУКТУК ИЗИЛДӨӨ

**12.00.01- мамлекет жана укук теориясы жана тарыхы;**
**мамлекет жана укук жө нүндө окуунун тарыхы**

**Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын**
**изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2016**

**Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий – укуктук изилдөөлөр институтунун укук бөлүмүндө аткарылды.**

**Илимий жетекчи:** юридика илимдеринин доктору, профессор **Шерипов Нурлан Турганбекович**

**Расмий оппоненттер:** юридика илимдеринин доктору, профессор **Абдрасулов Ермек Баехметович**

юридика илимдеринин кандидаты, доцент **Шадыбеков Куванычбек Баймуратович**

***Жетектөөчү уюм:*** Ош мамлекеттик университети, Мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасы, дареги: 723506, Ош шаары, Ленин көчөсү, 40 в.

Диссертация 2016-жылдын 17- сентябрында саат 14.00дө Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргызстан эл аралык университетине караштуу юридикалык илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д 12.15.511 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: Бишкек шаары, Киев көчөсү, 132, Ж.Баласагын атындагы КУУнун №2 имараты, Юридикалык факультет, 209-дарскана.

Диссертация менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот: 720024, Дареги: Бишкек шаары, Жибек-Жолу көчөсү 394, №8 имарат.

Автореферат «__» _________ 2016-жылы таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин кандидаты, доцент** **Насбекова С.К.**

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Сот бийлигин уюштуруу жана аны натыйжалуу иштетүү көйгөйү, ар бир демократиялык мамлекеттин мамлекеттик-укуктук түптөлүүсүндө эң зарыл багыттарынын бири болуп саналат.

Баардык мезгилдерде өлкөдө соттордун уюштурулушу жана алардын ишмердиги коомдук турмуштун саясий да, социалдык-экономикалык да тармагына түздөн-түз, же кыйыр түрдө зор таасирин берип келет.

Көз карандысыз жана кесипкөйлүк кадыр-баркка ээ сот бийлиги - укуктук мамлекеттин негизги көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат.

Өлкөдө конституциялык мыйзамдуулукту бекемдөөдө, укуктун юридикалык жогорку күчкө ээ принцибин сактоодо сот башкы орунда турат.

Мамлекеттин өнүгүүсүнүн бардык этаптарында соттор мамлекетте деморатия принциптеринин, айкындыктын, плюрализмдин, базар экономикасынын бекемделишине жана жалпы эле укук мейкиндигин камсыздоого зор таасир тийгизип келген. Демек, адам менен жарандын укугу, эркиндиги жана мыйзамдуу кызыкчылыктары менен байланышкан коомдук мамилелердин бардыгы тең соттун компетенциясына кирет.

Мыйзам соттун колунда гана реалдуу күчкө ээ болуп, адам тагдырына гана таасир этүүчү инструмент болбостон, айрым учурларда жалпы коомдун да, мамлекеттин да тагдырын чече алган механизм болуп саналат. Ар бир сот ага адилеттикти аныктоо укугун берген мамлекет тарабынан жүктөлгөнөн жоопкерчиликтин чегин так ажырата түшүнүшү керек.

Азыркы учурда соттордун бардык деңгээлдеги ишмердиги коомдо саясий талкууларды жаратып, Кыргыз Республикасында башкы темалардын бирине айланып барат.

Сот тармагындагы жүргүзүлгөн укуктук реформалар коомдук кызыкчылыкты канааттандырбай келет. Буга ылайык, конституциялык укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоо иретинде сот органдарына кайрылган Кыргыз Республикасынын жарандарынан да, чет элдик субъектилерден да республикабыздын сотторунун ишмердигине карата айтылган сын-пикирлер күн санап өсүүдө.

Бүгүнкү күндө соттордун натыйжалуу иштешине байланышкан маселелер өлкөбүздөгү демократиялык өзгөрүүлөр менен түздөн-түз байланышкан жана илимий изилдөө тармагында абдан актуалдуу болуп саналат. Аталган тармакта көйгөйлүү маселелер арбын болсо дагы ушул мезгилге чейин окумуштуу юристтер тарабынан илимий изилдөөнүн объектиси катары өтө аз изилденген.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасындагы сот бийлигинин тарыхый өнүгүүсүнө арналган илимий монографиялардын, макалалардын жана диссертациялардын өтө аздыгы байкалат. Ошондуктан, Кыргыз Республикасынын сот бийлигинин укуктук көйгөйлөрүнө конституциялык ченемдердин негизинде терең илимий изилдөө иштерин жүргүзүү зарылдыгы келип чыкты. Буга ылайык, юридикалык илимде Кыргыз Республикасынын сот бийлигинин укуктук маселелерине тарыхый-укуктук жактан талдоо жүргүзүлгөн автордун алгачкы изилдөөсү, тунгуч аракети.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.**

Диссертациялык илимий изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 8-августунда бекитилген «Кыргыз Республикасында адилеттикти өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январында №11 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн стратегиясы», «Кыргыз Республикасынын сот тутумун 2013-2017-жылдарда өркүндөтүү» мамлекеттик программалары менен тыгыз байланышкан.

Диссертациялык илимий изилдөө ишиндеги проблематиканын иштелип чыгышына мамлекет жана укук теориясы жана тарыхы, конституциялык укугу, административдик укук тармагында изилдөө иштерин жүргүзгөн кыргыз, орус жана казак окумуштуулары: Нурбеков К.Н., Кожоналиев С.К., Арабаев Ч.И., Мукамбаева Г.А., Асаналиев Т.А., Бейшембиев Э.Ж., Борубашев Б.И., Сооданбеков С.С., Розахунова Н.Р., Усенбаев К.А., Чиналиева А.К., Ганиева Т.И., Шерипов Н.Т., Ржевский В.А., Чепурнов Н.М., Кашепов В.П., Лебедев В.М., Добровольская Г.Н., Бахрах Д.Н., Петрухин И.Л., Витрук Н.В., Стецовский В.И., Валиханов Ч.Ч., Абдрасулов Э.Б. жана башка авторлордун илимий эмгектери чоң салым кошту.

**Диссертациялык иштин максаты** - сот бийлигинин түшүнүгүн, анын ар бир өнүгүү этабындагы укуктук өзгөчөлүгүн, ошондой эле Кыргыз Республикасындагы сот бийлигинин негизги багыттарын аныктоо болуп саналат.

**Коюлган максатты жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкү милдеттер чечилди**:

1. Кыргыз Республикасынын сот бийлигине жана аны ишке ашыруу принциптерине автордук аныктама берүү жана анын мамлекеттик бийлик тутумундагы ордун аныктоо;
2. теманын илимий изилденүү деңгээлин аныктоо максатында, байыркы доордон совет бийлиги мезгилине чейин илимий, архивдик жана башка материалдардын негизинде сот бийлигинин тарыхый-укуктук өзгөчөлүгүн ачып көрсөтүү;
3. Совет бийлиги мезгилинде Кыргызстанда сот бийлигин түзүү жана өнүгүү мыйзам ченемдүүлүгүнө талдоо жүргүзүү;
4. азыркы этапта Кыргыз Республикасынын сот бийлигинин пайда болуусун жана өнүгүүсүн изилдөө;
5. Кыргыз Республикасынын сот бийлигинин формаларын ар тараптан аныктоо;
6. Кыргыз Республикасынын сот бийлигин жакшыртууга илимий негиздүү сунуштарды киргизүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** болуп, изилденген иштин өзү юридика илиминде Кыргыз Республикасында Сот бийлигинин пайда болуусун жана өнүгүүсүн тарыхый-укуктук жактан изилдеген тунгуч аракет, алгачкы изилдөө, ошондой эле ата-мекендик укук таануудагы мамлекеттик тилде жазылган илимий эмгектердин бири болуп саналат.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси**. Изилдөөнүн жыйынтыктары сот адилеттигин орнотууда сот саясатын модернизация маселелери боюнча мыйзамдарды иштеп чыгууда жана жакшыртууда, ошондой эле сот тажрыйбасында, илимий-изилдөө ишинде, конституциялык укукту, жазык укугун жана жарандык процессуалдык укукту окутууда, жарандарды укуктук жактан тарбиялоо боюнча иш-чараларды өткөрүүдө пайдаланышы мүмкүн.

**Жүргүзүлгөн илимий изилдөөнүн натыйжасында коргоого төмөнкү жоболор сунушталат:**

1. Сот бийлигинин маңызын жана анын мамлекеттик бийлик тутумундагы ордун теориялык жактан изилдөөнүн негизинде автор төмөнкү аныктаманы сунуштайт: «Сот бийлиги – мамлекеттик бийликтин мыйзамдарынын конституцияга жооп берерлигин көзөмөлдөө; мамлекет менен жарандар, юридикалык жактар ортосундагы социалдык кагылышууларды мыйзамдын негизинде чечүү; жарандардын аткаруу бийлиги органдары жана кызмат адамдары менен болгон өз ара аракеттеринде укугун коргоо; кылмыштарды иликтөөдө жана ыкчам-иликтөө иштерин жүргүзүүдө адам укугунун корголушуна көзөмөл жүргүзүү; юридикалык маанилүү фактыларды аныктоо үчүн түзүлгөн, мыйзамга негизделген, өз алдынча жана көз карандысыз бийликтин бир бутагы»

2. Теориялык тыянактарды изилдөөнүн негизинде Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана конституциялык мыйзамдарда бекитилген, демократиялык маңызды туюнтуучу жана бирдиктүү тутумун түзүүчү, сот бийлигинин ишмердигине негиз салуучу, жетектөөчү башат жана идея катары сот бийлигинин конституциялык принциптерине автордук аныктама берилген.

3. Кыргыз Республикасында сот бийлигинин конституциялык принциптерин ишке ашыруунун кепилдик тутуму аныкталды. Изилдөөнүн жүрүшүндө белгилүү болгондой сот бийлигин жүргүзүүнүн принциптерин ишке ашыруу кепилдиктерин 2 түргө бөлүп кароого болот:

I. *сот бийлигинин бардык принциптери үчүн жалпы кепилдиктер:* саясий; юридикалык; экономикалык; руханий-нравалык.

*II. сот бийлигинин ар бир принцибинин реалдуу кепилдигин камсыздоочу атайын кепилдиктер:* атайын юридикалык (конституциялык); каржы – укуктук.

4. Илимий эмгектерди жана ченемдик-укуктук актыларды терең талдоого алуунун негизинде Кыргыз Республикасынын сот бийлигинин пайда болуусу жана өнүгүүсү тарыхый-укуктук этаптарга бөлүнүп изилденди. Автор диссертациялык изилдөөнүн негизинде Кыргыз Республикасында сот бийлигин пайда болуусун жана өнүгүүсүн төмөнкүдөй тарыхый-укуктук этаптарга бөлүп караган:

- *биринчи этапта* байыркы доордон Орус империясынын курамына киргенге чейинки тарыхый мезгилде кыргыздардагы сот-укуктук мамилелердин укуктук өзгөчөлүгү изилденген.

- *экинчи этапта* XIX к. орто ченинен 1917-жылдын октябрь айына чейин Кыргызстандын Орус империясынын мезгилиндеги кыргыздарда соттордун ишмердүүлүгүн уюштуруунун укуктук өзгөчөлүгү талданган.

- *үчүнчү этапта* 1917-1936 жылдарда Кыргызстанда сот бийлигин уюштурулушунун укуктук негиздери каралган.

- *төртүнчү этапта* 1936-жылдан 1991-жылга чейинки Кыргыз ССРинде сот тутумунун түзүлүшүнүн жана калыптанышынын укуктук өзгөчөлүктөрү ачып көрсөтүлгөн.

- *бешинчи этапта* көз карандысыз Кыргыз Республикасынын сот бийлигинин пайда болуусу жана өнүгүүсү изилденген (1991-жылдан азыркы мезгилге чейин).

5. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын айрым бир ченемдерине өзгөртүү жана толуктоо киргизүү боюнча бир катар сунуштар берилди. Тактап айтканда, Конституциялык палатаны Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун тутумунан чыгаруу жана Кыргыз Республикасынын сот тутумунда Конституциялык сот органын кайрадан түзүү сунушталат. Буга ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 93-беренесинин 3-пунктундагы “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун тутумунда Конституциялык палата иш алып барат” деген ченемди жокко чыгаруу боюнча илимий негиздүү сунуш киргизилди.

6. Сот тутумун натыйжалуу реформалоо максатында автор кесипкөй адисттерден турган 3-4 жылдык мөөнөткө административдик соттордун жана ювеналдык соттордун «чакан коллегияларын» түзүүнү жана жарандардын, мамлекеттик бийлик органдарынын, коомдук уюмдардын укуктарын, процессуалдык кепилдиктерин бекемдөөчү Кыргыз Республикасынын Административдик процессуалдык кодексинин долбоорун иштеп чыгууну сунуштайт.

**Изденүүчүнүн өздүк салымы**, диссертациялык изилдөөдөгү илимий жыйынтыктарды автор өзү тапкандыгында жатат. Коргоого алынып чыккан жоболорду диссертант жеке иштеп чыккан.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы.** Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий – укуктук изилдө ө лөр институтунун укук бө лүмүндө даярдалган жана негизги жоболору Ж.Баласагын атындагы КУУнун Юридикалык факультетинин «Мамлекет жана укук теориясы жана тарыхы» кафедрасынын семинарлары менен жыйналыштарында талкууланган, ошондой эле диссертант жарыялаган макалаларда чагылдырылган.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы.** Иштин мазмунуна байланыштуу 18 илимий макала жарык көргөн.

**Иштин түзүлүшү.** Диссертация киришүүдөн, өз ара байланыштуу үч бөлүмдөн, корутундудан, пайдаланылган ченемдик укуктук актылардан жана атайын адабияттардын тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертант тарабынан изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу, анын максаттары жана милдеттери, илимий жаңычылдыгы, изилдөөнүн практикалык жана теориялык мааниси жана коргоого коюлган негизги жоболор баяндалган.

**“Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик тутумундагы сот бийлиги тууралуу түшүнүк жана анын орду, сот бийлигин ишке ашыруунун принциптери”** деген аталыштагы биринчи глава эки бөлүктөн турат. Биринчи главанын биринчи бөлүгүндө **“Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик тутумундагы сот бийлиги тууралуу түшүнүк жана анын орду”** каралган.

Укуктук мамлекетте сот бийлиги өзгөчө орунду ээлейт. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 3-беренесинин 2-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик мамлекеттик бийликти бөлүштүрүү принцибине негизделген.

Азыркы укук таануу илиминде жана мамлекеттик тажрыйбада мамлекеттик бийликтин бардык бутактары, анын ичинде сот бийлигинин бирдей укукка ээ жана көз карандысыз экендиги айтылып келет.

«Сот бийлиги» түшүнүгү «мамлекеттик бийлик» түшүнүгүнөн келип чыккан. Мамлекеттик бийлик – жарандар менен мамлекеттин анын органдарынын атынан адамдардын жүрүм-турумуна жана жалпы эле коомдо болуп жаткан процесстерге ишендирүү же мажбурлоо аркылуу таасир этүү жөндөмүн түшүнөбүз.

Профессор Н.Т.Шериповдун пикиринде сот бийлиги - мамлекеттик бийликтин (мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлиги менен бирге) негизги бутагы. Негизги функциясы – белгиленген тартипте сот адилеттигин жүргүзүү болуп саналат *[Шерипов Н.Т.Конституционное право Кыргызской Республики. Б. 2010. С. 171]*.

Сот адилеттиги - укуктун чыныгы жана болжолдуу ченемдеринин бузулушу менен байланышкан социалдык түрдүү кагылышууларды кароого жана аларды чечүүгө багытталган мамлекеттик ишмердиктин бир түрү *[Козлова О.Е., Кутафин. О.Е. Конституционное право России. Москва. 2002. С. 44]*.

Андан сырткары, «сот бийлиги» жана «сот адилеттиги» түшүнүктөрү М.Б.Баглаев тарабынан төмөнкүдөй аныкталат: «Сот бийлиги сот тутумун жүргүзүүнү да, сот ишмердиктеринин принциптерин уюштурууну да камтыйт. Сот адилеттиги болсо мыйзам талаптарына жооп берүүчү сот ишмердигинин мазмунун туюндурат» *[Баглай М.В. Конституционное право Российской Федерации. М. 2000. С. 627]*.

«Сот тутуму» термини Кыргыз Республикасындагы соттордун бардыгынын топтомун туюндурат. Маселен, «конституциялык укукту окуунун түздөн-түз объектиси болуп сот тутумунун өзү эмес, сот тутумунун конституциялык негиздери, ошондой эле Конституциялык Соттун ишмердиги саналат» деп А.Е.Козлов адилеттүү белгилейт *[Козлов А.Е. Конституционное право. М. 1997. С. 348-349]*.

Сот тутумунун конституциялык негиздери – бул бири-бири менен тыгыз байланышкан, Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана конституциялык мыйзамдарында белгиленген, сот бийлигинин жеке инсан менен болгон өз ара мамилелерин аныктоочу жана жөнгө салуучу, сот тутумунун бардык органдарын уюштуруучу жана ишин жүргүзүүчү укук ченемдери менен принциптеринин топтому.

Демек, коомдо көз карандысыз жана күчтүү сот адилеттиги өз алдынча болуп, мамлекеттик–бийлик тутумунда юридикалык жактан өнүккөн сот тутумунун болушу шарт.

Азыркы сот адилеттигинин көйгөйлөрүн юридикалык илимде кабыл алынган концепциялардан сырткары калтырууга болбойт. Азыркы укук түшүнүгү концепциясы

укуктун адилеттик менен жакшылыктын гуманисттик идеалдарына дал келишин негиздөөнү талап кылган гуманисттик принциптерге негизделген.

Ошондуктан, демократиялык өнүгүү жолуна жаңыдан гана түшүп келе жаткан мамлекеттерде да аракеттердин негизинде жетүүчү, ыкчамдыкты талап кылган бир нече чектерди да белгилей кетүүгө болот. Бир нече авторлордун пикири боюнча, мындай чектердин катарына төмөнкүлөрдү киргизсек болот:

биринчиден, коом турмушунда адам укугу менен эркиндигинин тынымсыз жогорулашы, мыйзам чыгарууда, укуктук тажрыйбада жана коомдук пикирде аларга өзөктүү маанинин берилиши;

экинчиден, ченемдик-укуктук актыларда, өзгөчө Конституцияда, кодификацияланган актыларда сот органдары үчүн аракеттеги мыйзамда чечилбеген маселелер боюнча ченемдик негиз боло алган демократиялык укуктук принциптерди бекитүү;

үчүнчүдөн, жарандык мыйзамда дүйнөлүк деңгээлге дал келүүчү, так иштелип чыккан жеке укука бийик макам берүү;

төртүнчүдөн, соттордун укуктук макамын көтөрүү жана юрисдикция органдары тарабынан болгон өз билемдиктин алдын ала турган процессуалдык кепилдиктерди бекемдөө кирет.

Сот бийлигинин маңызын жана анын мамлекеттик бийлик тутумундагы ордун теориялык жактан изилдөөнүн негизинде автор төмөнкү аныктаманы сунуштайт: «Сот бийлиги – мамлекеттик бийликтин мыйзамдарынын конституцияга жооп берерлигин көзөмөлдөө; мамлекет менен жарандар, юридикалык жактар ортосундагы социалдык кагылышууларды мыйзамдын негизинде чечүү; жарандардын аткаруу бийлиги органдары жана кызмат адамдары менен болгон өз ара аракеттеринде укугун коргоо; кылмыштарды иликтөөдө жана ыкчам-иликтөө иштерин жүргүзүүдө адам укугунун корголушуна көзөмөл жүргүзүү; юридикалык маанилүү фактыларды аныктоо үчүн түзүлгөн, мыйзамга негизделген, көз карандысыз жана өз алдынча бутагы».

Биринчи главанын экинчи бөлүгүндө “**Кыргыз Республикасында сот бийлигин ишке ашыруунун конституциялык принциптери жана аны ишке ашыруу кепилдиги”** каралган.

Сот бийлигин жүргүзүү принциптерин изилдөөдө принцип түшүнүгүн алдын ала так аныктап алуу зарылдыгы келип чыгат. Учурда укук принциптери түшүнүгү тууралуу талаш-тартыш пикирлер жаралып келет. Илимий адабияттарда укук принциптери анын негиз салуу башаты, коомдук турмуштун объективдүү мыйзамченемдүүлүктөрүн бекемдөөчү ченем жоболору, укуктун негизги идеялары жана укуктун ага таандык сапаттарын туюнтуучу объективдүү касиети катары аныкталып келет *[О принципах права. Общая теория права и государства / Под ред. В.В. Лазарева, М., 2003. С. 134-137.; Матузов Н.И. Теория государства и права: курс лекций. М.. 2005. С. 149-154.]*.

Укук жалаң принциптер камтылган ченемдерден гана турбайт. Анын мазмунуна принциптерден сырткары дагы башка жалпы жоболор: дефинициялар, маселелер, презумпциялар, бири-бирин байытып турган преамбулалар - кирет *[Черданцев А.Ф. Толкование права и договора. М. 2003. С.13]*. Аны менен бирге укуктун негизги бөлүгү – юридикалык талаптарды туюнтуучу жана коомдук мамилелерди жөнгө салууга багытталган конкреттүү ченемдер – жалпы жобого, алды менен укук принциптерине дал келиши керек.

«Принцип» түшүнүгү — латын тилиндеги: principium — башат, философиядагы негиз деген сөздөн келип чыгып, «негиз» сөзү менен маанилеш, тактап айтканда, фактылар менен илимдин айрым топтомунда жаткан нерселер ... *[Копейникова В.В. Философский словарь. М. 1995. С. 95]*.

Сот бийлигин жүргүзүүнүн конституциялык принциптеринин юридикалык табиятын изилдөөдө бул принциптин түшүнүгүн үч аспектиде кароо зарылдыгын белгилеп кетүү керек. Биринчиден, бул принциптер конституциялык ченемдерде бекитилген. Экинчиден,

бул принциптер сот тажрыйбасынын негизги бөлүгү катары, тактап айтканда, алардын укук колдонуу ишмердиги катары каралат. Үчүнчүдөн, сот бийлигин жүргүзүүнүн конституциялык принциптери конституциялык укук илиминин тутумуна кирүүчү илимий жобо катары да сунушталып келет. Бул принциптерди изилдөөчү окумуштуулар сот адилеттигинин демократиялуулугун мүнөздөөчү прогрессивдүү идеяларды ишке ашыруу менен байланышкан көйгөйлөрдү илимий жактан иштеп чыгуу менен алектенишет.

Окумуштуу укук таануучулардын теориялык тыянактарынын негизинде Кыргыз Республикасында сот бийлигин ишке ашыруунун негизги конституциялык принциптерин төмөнкүдөй бөлүп көрсөтүүгө болот.

***Сот адилеттиги сот тарабынан гана жүргүзүлүшү.*** Кыргыз Республикасында сот адилеттиги соттор тарабынан гана ишке ашырылат.

***Соттордун эркиндиги жана алардын мыйзамга гана баш ийүүсү.***

Профессор С.С.Сооданбеков «Күчтүү жана көз карандысыз сот бийлигин уюштуруу – калктын мамлекетке болгон ишениминин шарты, жарандык тынчтыктын, жарандык коомдун калыптанышынын, экономиканын өнүгүшүнүн, адилеттиктин орношунун кепилдиги» деп адилеттүү белгилейт *[Сооданбеков А.А. Проблемы становления и развития конституционно-правовой основы государственной власти в Кыргызской Республике. – Б., Илим, 2002. – С.256.]*

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, соттор көз карандысыз жана Конституция менен мыйзамдарга гана баш ийет. Демек, соттор сот адилеттигин Кыргыз Республикасынын Конституциясына, мыйзамдарга гана баш ийүү менен башка жактын эркине көз каранды болбостон, өз алдынча жүргүзөт.

***Сотторду шайлоо жана дайындоо.*** Учурда, Кыргыз Республикасында сотторду шайлоо жана дайындоо тартиби Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен аныкталат.

Дүйнөлүк тажрыйбада сотторду кызмат ордуна шайлоону же дайындоону укуктук жөнгө салуусун айырмалап келишет. Шайлоо кандай тартипте жүргүзүлүп же ким тарабынан дайындалып жаткандыгына ылайык, аталган тутумду төмөнкүдөй бөлүп кароого болот:

1. Шайлоо тутуму: а) сотторду жалпы эл тарабынан шайлоо тутуму; б) сотторду жалпы саясий өкүлчүлүк мекемелер (парламент ж.б.) тарабынан шайлоо; в) сотторду өз ичинен шайлап алуусу (кооптация); г) сотторду кесиптик аралаш коллегиялар тарабынан шайлоо.

2. Дайындоо тутуму: а) мамлекеттин жогорку бийлиги, монарх, президент, премьер-министр тарабынан; б) мамлекеттик жергиликтүү бийлик тарабынан.

***Сот өндүрүшүнүн айкындуулугу.*** Кыргыз Республикасында сот өндүрүшүндөгү баардык соттук териштирүүлөр ачык жүргүзүлөт. Демек, сот өндүрүшүнүн айкындуулук принциби демократиялуу, укуктук, светтик мамлекеттин болушунун зарыл шарты болуп эсептелет.

***Сот өндүрүшүнүн мыйзамдуулугу.*** Укук теориясында сот өндүрүшүнүн мыйзамдуулугу – бул коомдук турмуштун демократиялык режимин туюндуруучу жана бардык субъектилер тарабынан мыйзамдын жана ага негизделген мыйзамдуу актылардын укуктук мамилелерде сакталышын талап кылган укук принциби.

***Тараптардын атаандаштыгы.*** Сот адилеттиги тараптардын атаандаштыгы жана бирдей укукка ээ болуусу аркылуу жүргүзүлөт. Атаандаштык принциби процесстин бардык катышуучулары тарабынан процессуалдык атаандаштыкты мыйзам тарабынан белгиленген тартипте так сакташын сот камсыздашын талап кылат.

***Иштин сот тарабынан жеке жана коллегиялдуу каралышы.*** Биринчи инстанциядагы соттордо, тактап айтканда, сот отурумунда иштин шартын түздөн-түз аныктоого жана ал боюнча сот актыларын кабыл алууга укуктуу соттордо иш сот тарабынан жеке каралып, чечилет. Облустук жана ага теңдеш соттордо иш процессуалдык мыйзамдарга ылайык үч соттон турган тутум тарабынан каралат.

Жогорку соттун соттук коллегиясы күзөт тартибинде ишти үч соттун тутумунда кайра карап чыгышат.

Көпчүлүк учурларда коллегиялуулук ишти жеке кароого караганда жоопкерчиликтүү болот. Биринчиден, ишти коллегиялык кароодо чечим чыгаруудан мурун иш терең жана ар тараптуу талкууга түшүшү камсыздалат. Экинчиден, коллегиялдуулук соттордун ошол ишке болгон адилет мамилесин камсыздайт. Үчүнчүдөн, ар бир соттун артында анын чечимин бекемдөөчү жана анын пикиринин жоопкеричилигин бөлүшкөн кесиптештери турганда, ал өзүн көз карандысыз сезип, эркин иштейт. Булар менен бирге, бир нече адамдын пикири коомчулукта чечимдин туура кабыл алынышына көбүрөөк ишеним жаратат.

***Мыйзам жана сот алдындагы тең укуктуулук.*** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-пунктунда «Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей, тең укуктуу» деп белгиленген.

Мыйзам алдында тең укуктуулук – демократиянын жана классикалык либерализмдин зарыл принциби. Ага ылайык бардык жарандар расасына, улутуна, жынысына, сексуалдык багытына, жашаган ордуна, коомдо алган ордуна, диний жана саясий көз караштарына карабай мыйзам алдында тең укуктуу болуп саналат.

***Күнөлүү эмес презумпция принциби.*** Кыргыз Республикасынын Конституциясы «Ар бир жарандын мыйзамда каралган тартипте күнөөсү далилденмейин жана сот чечими мыйзамдуу күчүнө кирмейин, ал күнөөсүз болуп саналат. Бул принципти бузуу сот аркылуу материалдык жана моралдык зыяндын ордун кайтарып алуунун негизи болуп саналат».

Кыргыз Республикасында сот бийлигин жүргүзүүнүн принциптеринин укуктук маселелерин изилдөөдө Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана башка мыйзамдарда бекитилген, негиз салуучу жана жетектөөчү, демократиялык маңызды туюнтуп, бирдиктүү системаны түзгөн сот бийлигинин уюшулушуна жана ишмердигине негиз болгон башаттар менен идеялар сот бийлигинин принциптери экени белгилүү болду. Демек, сот бийлигин жүзөгө ашыруунун конституциялык принциптери сот органдарын түзүүнү, соттордун укуктук макамын сот адилеттигин жүргүзүү процессин уюштурууну камсыз кылат.

**“Кыргыз Республикасында сот бийлигинин пайда болуусу жана өнүгүүсү”** деп аталган экинчи глава төрт бөлүктөн турат. Экинчи главанын, биринчи бөлүгүндө “**Орус империясынын курамына киргенге чейин кыргыздарда соттордун ишмердүүлүгүн уюштуруу мүнөзү жана укуктук өзгөчөлүгү”** изилденген.

XIX к. экинчи жарымынын башында кыргыз уруулары орус мамлекетине бириккен. С.К.Кожоналиевдин пикири бонча кыргыз элинин жашоосундагы бул тарыхый окуя кийин ири прогрессивдүү мааниге ээ болуп, Кыргызстанда патриархалдык-феодалдык мамилелердин чачырашына жана капиталисттик мамиленин өнүгүшүнө мүмкүндүк түзгөн *[Кожоналиев С.К. Обычное право кыргызов. Б, «Фонд-Сорос», 2000 г., с. 14]*.

Кыргызстандын Оруссиянын тутумуна өз эрки менен киргенге чейин сот адилеттиги кыргыздардын патриархалдык-феодалдык жакшылары – бийлер тарабынан жүзөгө ашырылып келген. *[Кожоналиев С.К. Суд и уголовное право киргизов до Октябрьской революции. Фр., АН Киргизской ССР, 1963г., с. 9]*.

Профессор С.С.Сооданбеков “Кыргызстанда 19-кылымда айылдык, уруу-уруктук масштабдагы бийлер сот адилеттигин ишке ашырып турган” деп адилеттүү белгилейт. Алар келип түшкөн доо арыздар боюнча кылмыш жана жарандык иштерди, мисалы, чагымчылык, мал уурулук жана мүлккө байланышкан талаш тартыштарды караган *[Сооданбеков С.С. Общественный и государственный строй Кокандского ханства. Б., 2000г., с.21.]*.

19-кылымдын башында Кокон хандыгынынээзүүсүнүн маалында кыргыздар жашаган аймакта жүрүм-турум ченеминин негизги булагы болуп адат укугу эсептелген мезгилде казылар сотун жана шариатты мажбурлап киргизүү башталган.

Г.А.Колпаковский 1873-жылдын 24-сентябрында «Кокон хандары кыргыздардын турмушун шариатка күч менен баш ийдирүүнү каалашат» деп белгилеген *[ЦГА. Узб.ССР., ф.1, ОП.32, д.278, л.4-5]*.

Сот тутумуна казылар жана мыйзам таануучулар – муфтийлер менен алямдар кирген. Мамлекет башчысы казыны кызматка дайындап, кызматтан алып, жана аны жоопкерчилике тарта алган.

Бийлер сыяктуу эле казылар, соттун дагы башка кызматкерлери мамлекет тарабынан акы алган эмес. Казы, негизинен, уткан ишинен өз каалоосу боюнча сыйлык-акы ала алган. А.К.Гейнс өз пикиринде «Кокон хандыгында сот тарабынан акталган адам казыга иштин маанилүүлүгүнө жараша бир тиллага чейин, кээде андан да ашык берчү» деп белгилейт *[Гейннс А.К. Управление Ташкентом при Кокандском владычестве. Собр. Матер. Труд. С. 203 Т – II. СПб., 1898г]*. С.С.Сооданбековдун оюу боюнча: "…албетте, мындай шарттар казылар бай адамдар тарабын колдоого ээ болуп, кызматынан пайдаланууга көбүрөөк мүмкүнчүлүкө ээ болушкан» *[ЦГА. Узб.ССР., ф.1, ОП.32, д.278, л.4-5]*.

Ошентип, жогоруда белгиленген пикирлерге таянуу менен бий соттору менен казы сотторунун ортосундагы айырмачылыктарын байкоого болот. Аталган соттордун айырмачылыктары сот адилеттигин ишке ашырууда социалдык ченемдерди (адат менен шариат) колдонгондугунан көрүнөт.

Кыргыздардын сот тутумунун эксплуататордук маңызы менен байыркылыгы укук бузуучуларга карата санкция колдонууда байкалып турат. Биз карап жаткан мезгилдерде соттор катаал жазаларды - өлүм жазасын, абакта кармоо, денеге залал келтирүү, кун, айып – колдонушкан. Санкциялар бийлер жана казылар тарабынан өз каалоосу боюнча аныкталып, кыргыздардын катардагы да, мусулман укугу боюнча да жаза колдонуунун эч кандай баскычы каралган эмес.

Экинчи главанын экинчи бөлүгүндө **"Оруссия империясынын курамына киргенден кийин кыргыздарда соттордун ишмердүүлүгүн уюштуруунун укуктук өзгөчөлүгү"** изилденген.

Кыргызстандын азыркы аймагы Октябрь революциясына чейин Түркстан генерал-губернаторлугунун Жети-Суу, Сыр-Дарыя жана Фергана облустарына кирген. Кыргызстандын аймагында административдик бөлүштүрүү мудагыдай уруу-уруулук белгилери боюнча эмес, аймактык белгилери боюнча жүргүзүлгөн.

Кыргызстан Орусиянын тутумуна кирген соң сот түзүлүшү да, сот өндүрүшү да, жана бийлер сотунун ишмердиги да өзгөрүүгө дуушар болгон.

1867-жылы «Жети-Суу жана Сыр-Дарыя облустарын башкаруу жөнүндө» Жобо кабыл алынып, Кыргызстанда атайын, жалпы падышалык жана жергиликтүү кыргыздардын сотторунун бир нече түрлөрү уюшулган.

Кыргызстан Орусиянын тутумуна кошулгандан кийин, бул аймактарды башкарууга падышачылык үчүн аскер ведомствосу жетишерлик болбой калган. Ошого байланыштуу, аскер башкармалыгы «аскердик-элдик» башкармалыгы менен алмаштырылган. Бул башкармалык административдик, соттук, аскердик жана аскердик-талаа соттордон жана башкаруунун жергиликтүү кыргыз административдик жана сот органдарынан турган. Волостор, айылдар жана кыштактар кыргыздардын төбөлдөрүнөн – бийлерден, манаптардан жана башка «жакшылардан» турган – башкармалыктар тарабынан башкарылган.

Ар бир волостто бийлердин 4төн 8ге чейин соттор болгон. Ал соттор кыргыздардын адат укугу боюнча кылмыш-жаза да, жарандык да иштерди же оз алдынча, же болбосо биргеликте карашкан. Бий соттору Түндүк Кыргызстандын бардык аймагында болгон. Ал эми Түштүк Кыргызстандын отурукташкан жана жарым-жартылай отурукташкан аймактарында бий сотторунан сырткары казы соттору болгон *[Проект положения об управлении Семиреченской и Сыр – Дарьинской областей 1867 г. СПб., 1867г., с.21]*.

Волостук съезддер жылына бир же бир нече жолу өткөрүлүп турган. Волостук съезддердин өтө турган орду жана убактысы, волостук башкармалыктын билдирүүсү

боюнча ар бир жолу уезд начальниги тарабынан белгиленип турган. Уезд начальнигинин бул көрсөтмөсү бийлердин чукул съезди тарабынан бир жылга бекитилген *[ЦГА Казах ССР, ф.44, оп.2, д.489, л.17]*.

Сенатор К.К. Пален өз эмгегинде кезексиз съезддерди үч категорияга бөлүп караган: 1) ар башка волостордун кыргыздары ортосундагы иштерди чечүүчү волостор аралык чукул съезддер; 2) уезддер аралык чукул съезддер; 3) облустар аралык съездер *[Пален К.К. Народные суды Туркестанского края. СПб., 1909., С.70]*.

Бийлердин чукул съезддери тарабынан бекитилген укук ченемдер эреже же болбосо токтом деп аталган. Бул жазуу же оозеки түрүндөгү эрежелер, т.а., талаш маселелер боюнча келишимдер, эки тараптын тең уруу башчылары жана таасирлүү адамдары тарабынан колдоого алынганда гана мыйзамдуу күчүнө кирген.

Бийлердин чукул съездинин чечимдери, айып пулдун суммасына карабастан, чечүүчү акыркы болуп, тез арада аткарууга милдеттендирилген. Бийлердин чукул съездинин чечимине нааразы болгондор соттун жогорку инстанциясына арызданууга, ал эми падышанын административдик тарабынан – уезд начальнигине, облустун аскер губернаторуна, болбосо аймактын генерал-губернаторуна арыздана алышкан.

Кыргыз элинин турмушунун татаал кырдаалына карабастан, Оруссиянын тутумуна кошулгандан кийин жергиликтүү кыргыз сотунун орус сотуна алмашылышын жана ал тарабынан башкарылышын, бир жагынан, падыша өкмөтү чет жактардагы калкты эксплуатацияны өз максаты катары койгондугун, экинчи жагынан, орус мыйзамы, өзгөчө жарандык мыйзам, 60-жылдагы реформадан кийин адат жана шариатка караганда прогрессивдүү болгондугун эске алуу менен баалоо керек.

Экинчи главанын үчүнчү бөлүгүндө **“Автономдук башкаруу тутумунда Кыргызстанда соттордун уюштурулушунун укуктук негиздери (1917-1936-жж.)”** каралган.

Октябрь Социалисттик революциясы орногондон кийин Совет бийлигинин алдында жаңы соттутумун түзүү негизги милдети турду. Советтик жаңы сотту түзүү процесси тууралуу 1917-жылдын 24-ноябрында №1 Декрет кабыл алынган. Аталган Декреттин башкы максаты – эски сот тутумун жоюп, сапаттуу жаңы советтик сот бийлигин түзүү болгон. Декрет боюнча мурдагы округдук соттор, сот палаталары жана Өкмөттүк сенат бардык департаменттери менен бирге, аскер, деңиз жана коммерциялык соттор таркатылып, тынчтыкты коргоочу соттордун институтунун иши токтотулган. “Соттор жөнүндө” №1 Декретте сотторду шайлоо жумушчулар, аскерлер, дыйкандар, райондук, волостук, шаардык жана губерниялык кеңештин депуттары тарабынан ишке ашаары так жазылган. Андан сырткары, Декреттин негизинде каракчылык, мамлекеттик ири талап-тоноо, экономикалык баш аламандык, революцияга каршы ачык аракеттер менен байланышкан фактыларга жана ошондой эле төбөлдөр, соодагерлер, өндүрүшчүлөр жана башкалар тарабынан мыйзам бузууларга карата сот органдары менен бирге иштеген революциялык трибуналдар түзүлгөн.

Революциялык трибуналдар жумушчулар, аскерлер, дыйкандар жана райондук, волостук, шаардык жана губерниялык кеңештин депуттары тарабынан шайланып, мыйзамдаштырылган төрагадан жана кезектеги алты сот мүчөсүнөн турган *[Декреты Советской власти. М., 1957 г.,Т.1.С.124]*.

1918-жылдын апрель айында Түркстан крайынын бешинчи съездинде РСФСРдин тутумунда Түркстан АССРде Кара кыргыз автономдуу облусунун түзүлүшү кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жаңы этабынын башталышы болуп калган *[История Советской Конституции (в документах) 1917-1956г. М., Гос.юриздат. 1957г. С.126]*.

1918-жылдын 15-октябрында болгон Түркстан автоном республикасынын алтынчы съездинде Түркстан автоном республикасынын биринчи Конституциясы кабыл алынган. Буга ылайык, 1917-жылдын 30-ноябрында Эл Комиссарлар Кеңеши тарабынан Советтик Түркстан өкмөтүнүн сотторду уюштуруу жана анын ишмердиги жөнүндө биринчи актысы кабыл алынып, Түркстан аймагында Убактылуу революциялык соту

түзүлгөн. Аталган сот Түркстан Элдик комиассарлар Кеңеши, Ташкент Советинин аткаруу комитети, Түркстан кесиптик кошуунунун Борбордук бюросу тарабынан шайланган жана анын курамы төрагадан жана төрт сот мүчөсүнөн турган. Андан сырткары, Убактылуу революция сотунун ишине түрдүү уюмдардын өкүлдөрүнөн 15 сот мүчөсү катышкан.

Оруссияда жарандык согуш башталгандыктан, ички жана сырткы саясий кырдаалдын татаалдашына байланыштуу сот тутуму реформалоого дуушар болгон. Буга ылайык, 1918-жылдын 20-июлундагы "Сот жөнүндө" №3 Декрет тарабынан жергиликтүү жана округдук эл сотторунун компетенциясы кеңейтилген.

Автордун ою боюнча, жогоруда аталган сот жөнүндөгү үч декреттин тең негизги максаттары сот тутумунун үч деңгээли – жергиликтүү эл сотунан, округдук эл сотунан жана кассация органынын функциясын аткарган Жогорку сот көзөмөлүнөн турган тутумун түзүү болгон. Бирок, бул максатты толугу менен ишке ашыра алган эмес, андыктан соттор революциялык сот адилеттигине карама-каршы келбеген эски мыйзамга таянуу менен, бири-биринин ишин көпчүлүк учурда кайталай берген.

1920-жылдын 2-сентябрында Кеңештер съездинде Түркстан АССРинин Конституциясынын кабыл алынышы Кыргызстан үчүн маанилүү окуялардын бири болгон [*Образование и деятельность Коммунистической партии Туркестана (летопись событий). Ташкент. 1966. С.217-218*].

Конституциянын 46-беренесинин «в» пунктуна ылайык, Түркстан АССРинин сот түзүлүшүнүн жана сот өндүрүшүнүн укуктук ченемдери жана негиздери каралган.

Буга ылайык, 1921-жылдын 6-октябрында Түркстан АССРнин Борбордук аткаруу комитети №56-Токтому менен «Казылар соту тууралуу» Жобону бекиткен [*Ахметов А.Дж. Становление, развитие и совершенствование органов уголовной юстиции в Киргизии. Фрунзе. 1990. С.95-96*].

Ал жободо аталган сотторго шариаттын негизинде сот өндүрүшүн жүргүзүүгө уруксат берилген. Казы соту эл тарабынан шайланган жана саясий бардык укуктарга ээ болгон.

1921-жылдын 23-июнунда РСФСРдин Бүткүл Союздук Борбордук Аткаруу комитети «Республиканын бардык революциялык трибуналдарын бириктирүү жөнүндө» жаңы Декрет чыгарган. Ал декретке ылайык, Бүткүл союздук Борбордук Аткаруу Комитети РСФСРдин аймагында бардык трибуналдар үчүн бирдиктүү кассациялык жана көзөмөл орган катары бирдиктүү Жогорку трибунал түзгөн.

Бүткүл Союздук Борбордук Аткаруу Комитетинин төртүнчү сессиясында 1923-жылдын 1-январынан баштап «РСФСРдин сот түзүлүшү жөнүндө» Жобо кабыл алынып, ишке киргизилген. Жобонун 1-беренесинде РСФСРдин аймагында сот мекемелеринин төмөнкү бирдиктүү тутуму аныкталган: 1. Тутумунда туруктуу эл соту болгон - элдик сот; 2. Тутумунда ошол эле эл соту жана эки элдик мүчөсү (заседатель) болгон - элдик сот 3. Губерня соту; 4. РСФСРдин Жогорку соту жана анын коллегиясы *[СУ РСФСР 1922 №69 с.902]*.

Аталган жобонун мыйзамдуу күчкө кириши революциялык трибуналдар институтунун жоюлушуна алып келген. РСФСРдин Жогорку соту жогорку трибуналдын функциясын өзүнө алып, андан төмөнкү турган элдик жана губерниялык сотторго облустук жана жергиликтүү трибуналдардын ыйгарым укуктары берилген. Андан сырткары 1922-жылдын 25-майында кабыл алынган РСФСРдин биринчи кылмыш жаза кодекси мурдагы чукул мүнөздөгү макамдарынын жок кылынышын шарттаган.

1922-жылдын 30-декабрына кеңештердин биринчи съездинде СССРдин түзүлүшү менен Борбордук Аткаруу Комитетинин 1923-жылдын 6-июлундагы экинчи сессиясында СССРдин Конституциясы кабыл алынган. Советтик Конституция ССРдин Жогорку Сотун уюштуруу тартибин жана анын ишмердигине тиешелүү милдеттерди менен функцияларды аныктаган.

Кара-Кыргыз автоном облусунун түзүлүшү менен 1924-жылдын 27-декабрынан тарта Кыргызстанда облустук сот өз ишин баштаган. Биринчи этапта облустук соттун нотариалдык бөлүмдөрүн жана облустук соттун, облус округдарында соттун тергөө участкаларын, тартип коллегиясын түзүүнү уюштуруу маселелери чечилген. Баштапкы этапта облуста эл сотунун 23 участкасы жана 18 тергөө участкасы, эл сотторунун жылып жүрүүчү 5 камерасы иштеп турган.

Облустук Аткаруу комтетинин 1925-жылдын 16-сентябрындагы №56-Токтому менен Облустук соттун автономиядагы жаңы түзүмү аныкталган. Аталган түзүм бир төрагадан, эки орун басардан жана соттун төрт мүчөсүнөн, эки соттон, Пленумдун жана Тартип коллегиясынын бир катчысынан турган.

Кара-Кыргыз Автономдук облусу 1926-жылдын 1-февралында Кыргыз Автономдук Республикасы болгондон кийин мурдагы 4 округ жоюлуп, жаңы 7 кантон уюшулган жана анын негизинде облустук соттун ыйгарым укугунун саны көбөйүп, эл сотторунун участкаларынын катар номери кошо өзгөргөн. Буга ылайык, Кыргыз АССРинин Башкы соту 1927-жылдын 29-мартында Кыргыз Борбордук Аткаруу комитетинин Президиумунун отурумунда бекитилген. Анын тутумунда бир төрага жана анын эки орун басары, соттун беш мүчөсү болгон *[ЦГА Кирг.ССР. ф.21, оп.2, д.35, л.2]*.

Кыргыз АССРинин Советинин 1929-жылдын 25-30-апрелинде µткµн республикалык экинчи съездинде Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясы кабыл алынгандан кийин республиканын Өкмөтү тарабынан «Соттук -тергөө аппаратын чыңдоо жана бекемдөө» жөнүндө токтом кабыл алынган.

1930-жылдын сентябрь айында Кыргыз АССРинин аймагы административдик 24 районго бөлүнгөн. Мындай бөлүнүүнүн негизинде Кыргызстандын аймагында 24 райондук сот жана Фрунзе шаарында эл сотунун 2 участкасы түзүлгөн.

24 райондук сот түзүлгөндөн кийин эл сотунун көчмөн калкты тейлеген жылып жүрмө камерасынын иштешинин зарылдыгы жоголгон.

1936-жылы Кыргыз АССРинин Башкы сотунун сот коллегиясы түзүлгөндөн тарта эл сотунун тарыхындагы эң каардуу мезгил башталат. Мисалы, жалпы репрессияларды ишке ашырууда Ички Иштердин Элдик Комиссариаты органдарынан сырткары Кыргыз ССРинин башкы соту жана Ички Иштердин Элдик Комссариаттын тергөө бөлүмдөрү тарабынан жиберилген жасалма документтер боюнча мыйзамсыз өкүм чыгаруулар болуп сот адилеттигинин принциптерин ишке ашыруу мүмкүн болбой калган.

Ошентип, советтик эл сотторунун Октябрь революциясы орногон күндµн 1936-жылдын 5-декабрында СССРдин Жаңы Конституциясынын негизинде Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы түзүлгөнгө чейинки тарыхый калыптанышы жана өнүгүшүн талдоого алуу менен төмөнкү тыянак чыгарууга болот:

Түркстан АССРинин алкагында Кыргызстан аймагында советтик мамлекеттүүлүктүн түзүлүшү сот органдарынын укуктук мамлекеттин заманбап талаптарына жооп бергидей сапаттык жактан жаңы уюмунун калыптанышына мүмкүндүк түзгөн. Уюшулган бардык звенодогу эл соттору жарандык жана кылмыш иштерин кароодо процесстин айкындуулугун, атаандаштыган жана күнөөлүүнү коргоого болгон укугун негиз кылып, ишмердигинин башталышынан эле демократиялык принциптерге таянып иштешкен.

Сот адлеттигин жүргүзүүдө эл сотторунун жылып жүрмө камераларынын түзүлүшү позитивдик фактор болгон. Ал камералардын иштеши менен көчмөн калк арасында сот органдарынын кадыры жогорулап, сот процессии жергиликтүү калктын тилинде жүргүзүлүшүнµ мүмкүндүк ачылган.

Жыйынтыктап айтканда, СССРдин жаңы Конституциясынын кабыл алынышы жана анын негизинде Кыргыз ССРинин уюшулушу учурунда Кыргызстандын аймагында анын автономдук баш ийүү шартында сот тутумунун баштапкы этабы оң көрүнүштөр менен мүнөздөлөт жана автономдук мамлекеттүүлүк республиканын Башкы соту

башында турган эл сотторунун ишмердигин оптималдуу уюштурулушуна жана жөнгө салынышына мүмкүндүк берген.

Экинчи главанын төртүнчү бөлүгүндө **“Кыргыз ССРинде сот тутумун уюштуруунун укуктук өзгөчөлүгү (1936 – 1991-жж.)” талданган.**

Кыргыз ССРинин түзүлүшү союздук республикаларда советтик соттун мындан ары өнүгүүсүнө мүмкүндүк түзүп берген.

СССР Жогорку Совети 1936-жылдын 5-декабрында өткөн сегизинчи Чукул съездинде мамлекеттин негизги Мыйзамы болгон СССРдин Конституциясы бекитилген. Конституцияга ылайык, Кыргыз ССРнин укуктары расмий түрдө чектелип, бирок формалдык жактан суверендүү мамлекеттик түзүлүшкө ээ болгон союздук он республика менен бирдикте Советтик Социалистик Республикалар Союзунун тутумуна кирген.

Жаңы кабыл алынган СССР Конституциясы союздук республикалардын Конституцияларынын кабыл алынышына укуктук негиз болуп саналган. Кыргыз ССРинин Жогорку Совети 1937-жылдын 23-мартында өткөн бешинчи чукул съездинде СССРдин тутумуна кирген Кыргыз ССРинин Конституциясы кабыл алынган.

СССР Конституциясынын 102-беренесине жана Кыргыз ССРинин Конституциясынын 77-беренесине ылайык, Кыргызстанда сот адилеттигин Кыргыз ССРинин Жогорку соту, СССРдин Жогорку Советинин токтому менен түзүлгөн СССРдин атайын соттору, райондук (шаардык) эл соттору ишке ашырган.

Мурдагы Кыргыз АССРинин башкы сотунун базасында Кыргыз ССРнин Жогорку соту түзүлгөн. Кыргыз ССРинин Конституциясына ылайык Жогорку сот Кыргыз ССРинин Жогорку Совети тарабынан 5 жылдык мөөнөткө шайланып, мыйзамдаштырылган сот органы болуп саналып жазык жана жарандык иштер боюнча сот коллегиясынын тутумунда иш жүргүзгөн *[Сборник Законов Киргизской ССР и указов Президиума Верховного Совета Киргизской ССР за 1938 – 1956 г.г., Ф., 1957., С.205-243]*.

Республикалык баш ийүүдөгү алты облустун түзүлүшү менен Фрунзе, Ысык-Көл, Талас, Тянь-Шань, Ош жана Жалал-Абад облустук сотторунда реформа жүргүзүлгөн. Мисалы, Сот түзүлүшү тууралуу мыйзамда облустук соттордун туруктуу мүчөлөрү менен элдик мүчөлөр облустар Советинин аткаруу комитеттери тарабынан беш жылдык мөөнөткө шайланган.

Түзүмү боюнча облустук сот төрагадан, соттордон жана элдик сот мүчөлөрүнөн турган. Облустук соттун бардык чечимдери менен өкүмдөрү Кыргыз ССРинин Жогорку сотунда кассациялык иретте арызданууга жаткан.

Кыргыз ССРнин Конституциясынын 77-беренеси боюнча Кыргыз ССРинде сот адилеттигин СССР Жогорку Советинин токтому боюнча түзүлгөн атайын соттор, беш жылдык мөөнөткө шайланган аскер трибуналдары, темир жол транспортунун линиялык соттору ишке ашырган.

1938-жылы кабыл алынган “Сот түзүлүшү жөнүндө” Мыйзам элдик соттордун ыйгарым укуктарын кеңейткен.

Бул мыйзамдын 21-беренесине ылайык, элдик соттор төмөнкү кылмыштарды карап чечим чыгарган:

- инсанга каршы кылмыштар - адам өлтүрүү, денеге залал келтирүү, мыйзамсыз аборт жасоо, зордуктоо, алименттерди төлөбөй жүрүү, кордоо, карактоо жана жалаа жабуу;
- мүлктүк кылмыштар боюнча – талап-тоноо, уурдоо, карактоо, алдамчылык, опузалап алуу;
- кызматтык деңгээлин ашыкча пайдалануу менен байланышкан кызматтык кылмыштар;

башкаруу тартибине каршы кылмыштар тууралуу – шайлоо мыйзамын бузуу, мыйзам тарабынан аныкталган салык менен төлөмдөрдү төлөбөй коюу, мамлекеттик тапшырыктарды аткаруудан баш тартуу, аскер кызматына баруудан баш тартуу, бийлик органдарынын мыйзамдуу буйрутмаларын бузуу ж.б.

Кыргыз ССР Юстициясынын Элдик Комиссариаты жөнүндө 1938-жылдын 11-мартындагы №108 Жобонун негизинде жалпы сот органдарын жетекчилике алуу милдети Кыргыз ССР Юстициясынын Элдик комиссариатына жүктөлгөн. Бирок, Жогорку соттун жана облустук соттун мүчөлөрү административдик башкаруу функциясына ээ болбосо дагы төмөн турган элдик соттордун ишмердигин уюштурууга жана жакшыртууга жоопкерчиликте болуп, элдик соттордун соттук тажрыйбасын текшерүүгө катышкан.

Республиканын сот органдары үчүн адисттерди юстициясынын Элдик комиссариаты алдындагы эки жылдык юридикалык мектеп менен алты айлык курстар даярдаган. 1941-жылга карата элдик соттордун тутумунун 50 % кыргыз, 9,2 % - орус; 14,6 % - өзбек жана 6,2 % - башка улуттагы адисттер түзгөн *[Партархив ЦККП Киргизии. Ф.10, оп.1, д.90, л.314]*.

Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы СССРдин бардык мамлекеттик органдарынын ишмердигин жана милдеттерин фронттун муктаждыгына ылайык бир кыйла өзгөрткөн.

Аскердик абал тууралуу Жарлык көптөгөн аскер трибуналдардын карамагындагы ыйгарым укуктарды кеңейткен. Согуштун алгачкы жылдары аскер трибуналдары туруктуу үч мүчөдөн турган. Ал учурда Кыргызстанда 76 аймактык элдик сот, 5 облустук сот жана республиканын Жогорку соту иштеп турган. Кылмыш иштери боюнча доо арыздар көп болгондуктан жана аймактардын алыстыгына байланыштуу Юстициясынын Элдик комиссариаты тарабынан кошумча 10 аймактык сот түзүлгөн. Ошентип, 1944-жылга карата Кыргызстанда 90 участкалык сот иштеп турган.

Согуш мезгилинде Кыргызстанда сот адилеттигин Жогорку сотто 15 сот, ал эми облустук соттордо - 37 сот, элдик соттордо 76 сот, 76 сот аткаруучу жана 15 нотариус ишке ашырган *[ЦГА Киргизской ССР, ф.511, оп.3, д.1, л.8]*.

1943-жылдын 15-апрелинде СССР Жогорку Советинин президиумунун жарлыгынын негизинде “Аскер трибуналдары жөнүндө” Жобо иштелип чыккан. Ал жобого ылайык жергиликтүү аскер трибуналдарына баш ийген темир жол жана суу транспортунун линиялык соттору түзүлгөн.

1948-жылдын декабрь айында республикада жашыруун добуш берүү аркылуу жалпы жана түздөн-түз шайлоо укугунун негизинде биринчи жолу элдик сотторду шайлоо жүргүзүлгөн.

1954-жылдын 14-августунда СССР Жогорку Советинин Президиуму тарабынан кабыл алынган «Союздук жана автономдук республикалардын Жогорку сотторунун, крайлык, облустук жана автономдук облустардын сотторунун тутумунда президиумдарды түзүү жөнүндө» Жарлыгы сот органдарынын ролун күчөтүүнүн негизги укуктук актыларынын бири болуп калган.

1956-жылдын 31-майында СССР Жогорку Советинин Президиумунун жарлыгынын негизинде СССРдин Юстиция министрлиги жоюлуп, анын функциялары союздук республикалардын юстиция министрлигине жүктөлгөн.

1957-жылдын 12-февралындагы СССРдин Жогорку Советинин сессиясында «СССРдин Жогорку Соту жөнүндө” Жобо кабыл алынып, союздук республикалардын сот органдарынын укуктары бир топ кеңейтилген *[Ведомости Верховного Совета ССР, 1954 год, №17. С. 84-85]*.

1958-жылдын 25-декабрында бешинчи чакырылыштагы СССР Жогорку Советинин экинчи сессиясында «Мамлекеттик кылмыштар үчүн жазык жоопкерчилиги жөнүндө», “Аскер кылмыштары үчүн жоопкерчилик жөнүндө” мыйзамдарынын жана “Аскер трибуналдары жөнүндө” Жобонун кабыл алынышы Кыргызстандагы сот тутумунун ишмердигине оң таасир тийгизген *[Супатаев А., Тайгин Ф.П. Создание и развитие советского суда в Киргизии. Фрунзе. 1971. С.146]*.

Мына ошентип, Кыргыз ССРде 1937-жылдан 1958-жылга чейин Кыргызстанда сот тутумунун калыптануу жана өнүгүү тутумун кароодо жалпы союздук жана республикалык мыйзам чыгарууга өзгөчө көнүл бурулган.

1960-жылдын 25-майында Кыргыз ССР Жогорку Советинин 3 сессиясында кабыл алынган “Кыргыз ССРинин сот түзүлүшү жөнүндө” мыйзамы республикада мыйзам актыларынын алгачкысы болуп калган. Бул мыйзам соттордун максаты менен милдеттерин, республиканын сот органдарын уюштуруунун жана анын ишмердигинин тартиптерин так аныктап жана административдик-территориялдык бөлүүнүн негизинде сот тутумун Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунан, облустук жана райондук (шаардык) эл сотторунан турган уюштурууучулук түзүмүн бекиткен.

Аталган мыйзамдын негизинде райондук (шаардык) элдик сотторду уюштурууда участкалык тутум жоюлуп, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиуму тарабынан 1960-жылдын 12-августунда кабыл алынган «Кыргыз ССРинин райондук (шаардык) элдик сотторун шайлоо жөнүндө» Жобого ылайык элдик сотторду, элдик сот мүчөлөрүн шайлоо тартиби аныкталган.

“Кыргыз ССРинин сот түзүлүшү жөнүндө” мыйзамы менен 1960-жылдын 25-майында бекитилген Жогорку соттун түзүмү 1978-жылы Кыргыз ССРнин жаңы Конституциясы кабыл алынганга чейин өзгөрүлгөн эмес. Мыйзамга ылайык, Жогорку соттун түзүмү төрагадан, анын эки орун басарынан, сот мүчөлөрүнөн, ошондой эле элдик мүчөлөрдөн турган. Жарандык иштер жана кылмыш иштери боюнча сот коллегиялары Жогорку соттун Президиуму жана Жогорку соттун Пленумуну тутумунда иш алып барган.

Буга улай, 1960-жылдын 29-декабрында Кыргыз ССРинин жазык жана жазык процессуалдык кодекстери, 1964-жылдын 30-июлунда Кыргыз ССРинин Жарандык жана Жарандык-процессуалдык Кодекстери , 1969-жылдын 26-декабрында Кыргыз ССРинин үй-бүлөө жана нике жөнүндө Кодекстери кабыл алынган.

1977-жылы СССРдин жаңы Конституциясынын жана 1978-жылы Кыргыз ССРинин Конституциясынын кабыл алынышы ченемдик-укуктук актыларды кайрадан карап чыгууну талап кылып, жаңы укуктук актыларды кабыл алууга алып келген.

1978-жылы кабыл алынган Кыргыз ССРинин Конституциясында сот тутумунун укуктук макамын аныктаган атайын бөлүм каралган. Маселен, Кыргыз ССРнин Конституциянын 154-беренесине ылайык, соттордун, элдик мүчөлөрдүн көз карандысыздыгы тууралуу принцип алардын мыйзамга гана баш ийишинин негизинде жайылтылган. Аны менен бирге, сот өндүрүшүн союздук республикаларда жана автономдук облустарда, округдун улуттук тилинде жүргүзүүнүн демократиялык принциби сакталган.

Сот тутуму тармагындагы зарыл кадамдардын бири – 1989-жылдын 4-августунда СССР Жогорку Советинин «СССРдеги соттордун макамы жөнүндө” мыйзамынын кабыл алынышы болуп саналат. Аталган Мыйзам соттордун жана элдик мүчөлөрдүн (заседатели) демократиялык сот адилеттигин ишке ашырууда көз карандысыздыгынын негизги кепилдигин камтыган. Соттор менен элдик мүчөлөрдүн (заседатели) көз карандысыздыгы, аларды шайлоо жана бошотуунун өзгөчө тартиби, кол тийбестиги, сот адилеттигин жүргүзүүдөгү юридикалык процедуранын сакталышы, ошондой эле соттордун ишмердиги үчүн зарыл болгон уюштуруу шарттарын түзүп берүү менен камсыздалган.

Ошентип, кайра куруу мезгилинде сотторду уюштурууда жана алардын ишмердигинде позитивдик алга жылуулар болгон да, аны жакшыртуу үчүн демократиялык процесстер аныкталган.

1937-1991-жылдар аралыгында Кыргызстандын сот тутумун өнүктүрүүдө “Кыргыз ССРнин сот түзүлүшү жөнүндө” 1938-1960-жылдардагы ченемдик-укуктук актылар сыяктуу сот органдарынын андан ары борборлоштурулушуна жана адистешүүсүнө мүмкүндүк берүүчү негизги мыйзамдар башкы ролду ойногон. Аталган ченемдик-укуктук актылар союздук республикалардын Жогорку сотторунун жана төмөн турган соттордун компетенцияларынын кеңейишин аныктаган. Көз карандысыз принцибин аныктоочу негиз

катары - республикалык Жогорку соттор өз республикаларында жогорку жана акыркы инстанциялар болуп саналган.

Экинчи главанын бешинчи бөлүгүндө **“Эгемендүү Кыргыз Республикасында сот бийлиги (1991-2016 жж.)”** изилденген.

Кыргыз Республикасы мамлекеттик көз карандысыздыкка ээ болгондон тарта түзүмдүк реформанын алгачкы кадамдары демократиялык жана укуктук мамлекет түзүү процессине жасалган. Мамлекетте негизги факторлорунун бири соттук-укуктук реформаны ишке ашыруу зарылчылыгы келип чыккан.

Кыргыз Республикасындагы соттук-укуктук реформаны жүргүзүү процессинде бир катар укуктук актылардын кабыл алынышы болгон. Маселен, 1990 – жылдын 14 – декабрында «Кыргыз ССРинде мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдар тутумун кайра уюштуруу жана Кыргыз ССРнин Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Мыйзамынын негизинде Кыргыз ССРнин Конституциялык көзөмөл Комитети жоюлган жана Кыргыз ССРнин Конституциялык соту түзүлгөн. Андан тышкары, 1991 – жылдын 22 – январында Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Токтомунун негизинде Кыргыз Республикасынын Президентинин көрсөтмөсү боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Төрагасы шайланган.

1992 – жылдын 2 – мартындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин «Кыргызстан Республикасындагы Мамлекеттик арбитраж органдарын өзгөртүү жөнүндө» Токтомуна ылайык мамлекеттик арбитраж институту Жогорку Арбитраждык сотко өзгөргөн [169, б.255].

1993 – жылдын 5 – майында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынышы жана анда, мамлекеттик бийликтин өз алдынча органы катары, сот бийлиги бутагынын бекитилиши конституциялык – укуктук курулуш тутумундагы принципиалдуу өзгөчөлүктөрдүн бири болгон.

Кыргыз Республикасынын 1993 – жылы 5-майда кабыл алынган Конституциясына ылайык, сот адилеттүүлүгүнүн конституциялык принциби – сот адилеттүүлүгүн сот тарабынан гана ишке ашыруу. Сот, мамлекеттик орган болуп туруп, сот адилеттүлүгүн мыйзамдык тартипте орнотулган кылмыш, жарандык, административдик жана башка айрым категориядагы иштерди кароо жана чечүү формасында ишке ашырат.

Кыргыз Республикасынын 1993 – жылдын 5 – майындагы Конституциясына, Кыргыз Республикасынын 2003 – жылдын 18 – июлундагы «Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндөгү» Мыйзамына ылайык, сот адилеттүүлүгү, мыйзам менен орнотулган тартипте жана негизде өзүнө тиешелүү иштерди кароо жана чечүү аркылуу, сот тарабынан гана ишке ашырылат.

Андан сырткары, соттордун өзгөчө макамы Кыргыз Республикасынын 2001 – жылдын 30 – мартындагы «Кыргыз Республикасынын сотторунун макамы жөнүндө» Мыйзамында жана 2003 – жылдын 18-июлундагы «Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» Мыйзамында чагылдырылган. Бул мыйзамдарда сот бийлиги органдарынын түзүлүшү аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жоболорунан сырткары, соттордун ишмердүүлүгүнүн түзүмү бир катар башка мыйзам актыларынын негизинде аныкталган: 1993 – жылдын 18 – декабырындагы «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Мыйзамынын, 1993 – жылдын 18 – декабырындагы «Кыргыз Республикасынын Конституциялык сот өндүрүшү жөнүндө» Мыйзамынын, 1999 – жылдын 8 – октябырындагы «Кыргыз Республикасынын сотторунун макамы жөнүндө» Мыйзамынын, 2001 – жылдын 30 – мартындагы «Кыргыз Республикасынын судьяларынын макамы жөнүндө» Мыйзамынын, 1997 – жылдын 1 – февралындагы «Кыргыз Республикасынын арбитраждык соттор тутуму жөнүндө» Мыйзамынын жана 2003 – жылдын 2 – февралындагы «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаны редакциясы жөнүндө» Жобонун.

Кыргыз Республикасынын 2003 – жылдын 18 – июлундагы «Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» Мыйзамынын кабыл алынышы менен, жогоруда келтирилген мыйзам актыларынын айрымдары жокко чыгарылган.

Кыргыз Республикасынын 2003 – жылдын 2 – февралындагы Конституциясынын редакциясы кабыл алынганга чейин, мыйзам актыларына ылайык, соттордун жалпы жыйындысы үч тутумга бөлүнгөн:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту;
2. Кыргыз Республикасынын Жогорку соту;

Кыргыз Республикасынын Жогорку Арбитраждык соту жана анын көзөмөлүндөгү соттор.

2003 – жылдын 2 – февралындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясына ылайык, Жогорку Арбитраждык сот Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун тутумуна киргизилген жана ошондой эле соттук кол тийбестик макамы ырасталган.

Ошону менен, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаны редакциясы кабыл алынгандан кийин сот тутуму Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жана Кыргыз Республикасынын Жогорку соту башында турган эки тутумдан куралган. Экинчи тутумда өзүнчө бутакты, Кыргыз Республикасынын Аскердик соту башында турган адистештирилген сот органы болгондуктан жалпы юрисдикциядагы сотторго кирбеген, аскердик соттор ээлешет. Аскердик соттун ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн түзүмүндө ишке ашырылат.

Кыргыз Республикасында Конституциялык жана Жогорку сот белгилүү бир этапта мамлекеттик саясаттын маанилүү функциясын аткарышкан: конституциялык мыйзамдуулуктун кепилдигин жана адамдар менен жарандардын укуктарынын толук сакталышын камсыз кылуу.

Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз Республикасынын сотторунун биринчи жыйынындагы сөзүндө белгилегендей: «Сот бийлигин көтөрүү – кыйла татаал, көп кырдуу жана узак процесс. Анын кыймыл-аракеттери көп кырдаалдардан көз каранды. Бирок, бардык кырдаалдарда жана бардык учурларда бир нерсе баарынан айкын: Кыргызстандагы демократияга карай жасалган реалдуу кадамдар, биринчи кезекте, биздин жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча соттордун ишмердүүлүктөрү кандай деңгээлге көтөрүлгөндүгү менен өлчөлөт» [*Сооданбеков А.А. Проблемы становления и развития конституционно-правовой основы государственной власти в Кыргызской Республике. – Б., Илим, 2002. – С.254.*].

Ошону менен, Кыргыз Республикасында сот адилеттүүлүгү принцибин ишке ашыруу сот бийлигин ишке ашыруу тармагындагы мамлекеттик ишмердүүлүктүн конституциялык бекитилген өзгөчө формасы болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Сот бийлигинин өнүгүү тарыхындагы кийинки реформа 2010-жылга барып такалат. Реформанын негизги кадамдары сот бийлигин жөнгө салган ченемдик-укуктук актылардын жаңы базасын түзүү жана кесипкөй сот адистерин тандап алууга багытталган. Бул этапта 2010-жылдын 12-апрелинде «Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотун жоюу жөнүндө» убактылуу Өкмөттүн Декрети кабыл алынып Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жоюлган.

2010-жыл 27-июньда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясынын 93-беренесинин 3-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун алдында Конституциялык палата түзүлгөн. Азыркы учурда конституциялык палатанын иши 2011-жылы 13-июнда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Мыйзамы менен жөнгө салынат.

2012-жылы 8-августта Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу сот реформасы боюнча кеңеш

жөнүндө» Жобо бекитилген. Жобого ылайык Кеңеш сот реформасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу консультативдик жана кеңешме орган болуп эсептелет.

Мындай масштабдуу жана комплекстүү жүргүзүлгөн сот реформаларынын натыйжасында бир катар ченемдик-укуктук актылдардын долбоорлору иштелип чыгып, кабыл алуунун алдында турат. Анын ичинде: Жазык кодекси, Жазык-процесстик кодекси, Жазык-аткаруу кодекси, Жарандык-процесстик кодекси, «Соттордун макамы жөнүндө», КРнын мыйзамы ж.б. ченемдик-укуктук актылар.

**“Кыргыз Республикасындагы сот бийлигин жакшыртуунун негизги багыттары”** деп аталган үчүнчү глава эки бөлүктөн турат. Үчүнчү главанын, биринчи бөлүгүндө **“Кыргыз Республикасында сот бийлигин ишке ашыруунун формалары”** каралган.

Сот бийлигин ишке ашыруунун маанилүү формаларынын бири болуп сот адилеттүүлүгү саналат. Азыркыга чейин илимде сот адилеттүүлүгүнүн маңызына карата бирдиктүү көз караштын жок экендигин белгилеп кетүү зарыл.

Советтик мезгилдеги айрым авторлор сот адилеттүүлүгүнө төмөнкүдөй аныктама беришкен: «Сот адилеттүүлүгү бул сөздүн өздүк маанисинде – өзүнчө жаранга анын кылмыш жасоого күнөөсү аныкталган шартта жаза түрүндө мамлекеттик мажбурлоону колдонуу мүмкүндүгү жана заарылдыгы же талаштуу укуктук мамилелер шартында жаранды мыйзамдуу жүрүм- турумга мажбурлоо заарылдыгы жөнүндөгү өкүмдүн (чечимдин) бекитмеси».

«Сот бийлиги» илимий басылмасынын авторлор жааматы сот адилеттүүлүгүн сот тарабынан мыйзамды колдонуунун өзгөчө түрү, өзүнүн мазмуну катары укукту колдонууну, башкача айтканда укук колдонуучулук жана юрисдикциялык ишмердүүлүк, ээлеген мамлекеттик ишмердүүлүктүн формасынын бири, деп аташат.

Сот, мамлекеттик бийликтин бир бутагы болуп туруп, өз ишмердүүлүгүндө мамлекеттин беделин колдойт, мамлекеттин саясатын ишке ашырат, анын кызыкчылыктарын коргойт, бирок ошол эле маалда анын жазалоочу органына айланбайт.

Бир катар авторлор төмөнкүдөй аныктаманы карманышат: сот адилеттүүлүгү, жарандык жана кылмыш иштерди териштирүү жана чечүү жана материалдык укуктун ченемдерин колдонуу, ал эми заарыл учурларда жарандардын, мамлекеттик жана коомдук мекемелердин укуктарын коргоо жана сактоо боюнча процессуалдык тартипте аткарылуучу атайын мамлекеттик органдардын – соттордун имшердүүлүгү.

«Сот адилеттүүлүгү – мыйзам жана аны менен орнотулган процедурага ылайык сот тарабынан кылмыш жаза жарандык иштерди кароо жана чечүү боюнча укук коргоочулук ишмердүүлүктүн түрү».

Акыркы эки аныктамада каралуучу иштердин эки түрү – жарандык жана кылмыш, жөнүндөгү гана айтылат, бирок административтик иштер жөнүндө эч нерсе айтылбайт.

Соттордун бирдиктүү тутумун аныктап жатып, Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» Конституциялык мыйзамы жарандык, кылмыш, административтик, экономикалык жана башка мыйзам менен каралган иштер боюнча сот адилеттүүлүгүн ишке ашыруучу соттордун толук тизмесин аныктайт, сот органдарын түзүүнүн жалгыз негиздемесин көрсөтөт – конституциялык жана мыйзамдык бекитүү аркылуу жана кандайдыр бир өзгөчө кырдаалдык сотторду түзүүнүн ар кандай мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат. Соттор тутумунун бирдиктүлүүгү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик түзүмүн эске алуу менен камсыздалат.

Сот бийлигинин укук коргоочулук идеялары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын бир катар беренелеринде чагылдырылган. Маселен, Конституциянын 16 – беренеси бардыгынын мыйзам жана сот алдындагы теңдигин кепилдендирет.

Сот органдарынын укук коргоочулук функциясынын мындай кеңири диапазону, укуктук мамлекеттеги сот бийлигинин күчтүү, көз карандысыз, беделдүү болушун жана өз

алдынча иштей алышын талап кылат. Ю.И.Стецовский туура жазгандай: «Соттордун көз карандысыздыгы жана калыстыгы жок сот бийлиги дагы жок, адам укуктары дагы жок» *[Стецовский В.И. Судебная власть. Учебное пособие. И. 1999. С.54]*.

Юридикалык адабиятта көп жылдар бою соттор тарабынан административдик иштерди кароо сот адилеттүүлүгүн ишке ашыруу болобу, деген талаш жүрүп келген.

Буга байланыштуу, «Сот түзүмү жөнүндө» КРнын Мыйзамынын 4 – беренеси сот адилеттүүлүгү төмөнкү жолдор менен ишке ашырыла тургандыгын орноткондугун белгилеп кетели:

1) сот отурумдарында жарандардын, мекемелердин, ишканалардын жана уюмдардын укуктарына жана кызыкчылыктарына тиешелүү талаштар боюнча жарандык иштерди кароо жана чечүү;

2) сот отурумдарында кылмыш иштерин кароо жана кылмыш жасоого күнөөлүү адамдарга мыйзамда каралган жазалоо чарасын колдонуу, же күнөөсү жокторду актоо.

Бул жобо, сот адилеттүүлүгү – бул жарандык жана кылмыш иштерди териштирүү, дегенди билдирет.

Акыркы жылдарда юридикалык адабиятта сот адилеттүүлүгү түшүнүгүнүн бул аспектисин кыйла кеңири чечмелөөнүн тенденциясы байкалууда. Сот адилеттүүлүгүнө административтик укук бузуулар жөнүндөгү иштерди кароону дагы кошо башташты.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 96 – беренесине ылайык, «Жогорку сот жарандык, кылмыш, административдик, экономикалык жана башка иштер боюнча жогорку сот органы жана мыйзам менен аныкталган тартипте соттук процесстин катышуучуларынын кайрылуулары боюнча жергиликтүү соттордун сот актыларын кайра карап чыгууну жүргүзөт».

Сот бийлигинин башкы функциясы – укук сактоо. Сот адилеттүүлүгүн ишке ашыруунун маңызы ушундан турат.

А.Е.Козлов сот бийлигинин функцияларына сот адилеттүүлүгүнөн тышкары төмөнкүлөрдү киргизген: процессуалдык мажбурлоо чараларын колдонуунун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн соттук көзөмөлдөө; укук ченемдерин чечмелөө; юридикалык мааниге ээ фактыларды расмий тактоо; жарандардын конституциялык жана башка укук субъектүүлүгүн чектөө *[Козлов А.Е. Конституционное право. М. 1997. С.348-349]*.

Биз, юридикалык адабиятта талаштуу болгон же жетиштүү деңгээлде чагылдырылбаган, сот бийлигинин айрым ыйгарым-укуктарынын анализи менен чектелебиз.

Мыйзам менен орнотулган тартипте төмөн турган соттордун ишмердүүлүгүн жогору тургандар тарабынан көзөмөлдөө, деген форманы карап көрөлү.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 93 – беренесине ылайык, буткул сот тутуму тарабынан ишке ашырылуучу сот адилеттүүлүгүнөн айырмаланып, соттук көзөмөл – бул жогору турган сотторго гана мүнөздүү ишмердүүлүктүн түрү. Албетте, алар сот адилеттүүлүгү органы катары көзөмөлдүк тартипте сот иштерин дагы карашат, жана ошондой эле төмөн турган сотторго карата өзгөчө көзөмөлдүк ишмердүүлүктү дагы аткарышат.

Соттук көзөмөлдүн экиликтүү маңызы дал ушунда: бир тарабынан, ал сот адилеттүүлүгүн ишке ашыруу процессиндеги соттук чечимдерди кайра карап чыгуунун каражаты, экинчи тарабынан – соттук ишмердүүлүктүн өз алдынча формасын түзөт. Көрсөтүлгөн жобо мыйзам актыларында түздөн-түз чагылдырылган.

2011 – жылдын 12 – майында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши Кыргыз Республикасынын «Жогорку соттун Конституциялык палатасы жөнүндө» Мыйзамын кабыл алынып, «Кыргыз Республикасындагы конституциялык сот өндүрүшү жөнүндө» Мыйзамы жокко чыгарылган. Автордун оюу боюнча, биздин өлкөнүн сот тутумун мындай түп-тамырынан реформалоо зарылдыгы болгон эмес. Кыргыз Республикасынын

Конституциялык палатасына сот макамын кайтаруу жана аны Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун курамынан чыгаруу сунушталат.

Бирок, биздин оюбузча, конституциялык сот адилеттүүлүгүн сот адилеттүүлүгүнүн бир түрү катары кароо, биринчи кезекте Конституциялык соттун ишмердүүлүгүнүн мазмунуна (конституциялык көзөмөлдөө) байланыштуу, туура эмес. «Конституциялык сот адилеттүүлүгү» термини, биздин оюбузча, шарттуу, анткени Кыргыз Республикасынын Конституциясында дагы, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Конституциялык мыйзамда дагы, Конституциялык палатага байланыштуу башка мыйзам актыларында дагы сот адилеттүүлүгүнүн органы катары анын мүнөздөмөлөрү камтылган эмес. Бул жөн жерден эмес, себеби сот бийлигин ишке ашыруу формаларынын дифференциациясы сот адилеттүүлүгү тармагын сот ишмердүүлүгүнүн бардык башка формаларынан ажыратууга мүмкүндүк берет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97 – беренесинин 1 – пунктунда, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы конституциялык көзөмөл жүргүзүүчү орган», деп аныкталган. Ошондой эле, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Конституциялык мыйзамдын 1 – беренесинде төмөнкүлөр көрсөтүлгөн: «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы конституциялык сот өндүрүшү аркылуу өз алдынча конституциялык көзөмөл жүргүзүүчү жогорку сот органы».

Конституциялык соттун бийликтерди бөлүштүрүү тутумундагы өзгөчө ролуна таянып, Конституциялык палатанын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун курамына киргизилгендигин, ошондой эле Конституциялык палатанын жалпы юрисдикциядагы соттор менен катар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын бир бөлүмүнө киргизилгендигин, диссертант негизсиз деп эсептейт. Автордун ою боюнча, бийликтин төртүнчү бутагын – көзөмөлдүк, болуп чыгып, бийликтерди бөлүштүрүү теориясына өзгөртүү киргизүү заарыл. Бул, Конституциялык соттун негизги функциясын күчтөнтөт, жана ошондой эле анын ролун жана маанисин жогорулатат.

Кыргыз Республикасындагы сот бийлигин ишке ашыруунун формаларынын талдоонун негизинде төмөнкү жыйынтыктарды чыгарууга болот.

Кыргыз Республикасынын сот бийлигинин тутумуна олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизүү заарыл, тагыраагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына сот макамын кайтаруу жана Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту деп атоо. Аны Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун курамынан чыгаруу, демек Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 93 – беренесинин 3 – пунктун жокко чыгаруу. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 12 – беренесинин 1 – пунктундагы, "Конституциялык палата Жогорку соттун курамында иштейт", деген 2 - абзацты жокко чыгаруу.

Сот бийлигинин конституциялык тутуму, Конституциянын реформасы менен бирге жүргүзүү заарыл болгон, олуттуу реформаларга муктаж. Буга байланыштуу автор Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6 – бөлүмүнүн ("Кыргыз Республикасынын сот бийлиги") түзүмүн жана мазмунун өзгөртүүнү сунуштайт. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотун "Конституциялык көзөмөл органдары" аталыштагы өз алдынча 6 – бөлүмгө бөлүп чыгуу зарыл. Конституциялык Сот органдарын көзөмөлдөө органдары деп атоо керек.

Үчүнчү главанын экинчи бөлүгүндө " **Укуктук принциптердин негизинде Кыргыз Республикасынын сот бийлигин жакшыртуунун негизги багыттары"** талданган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы бирдиктүү сот тутумун түзүүнүн принциптерин аныктаган. Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Конституциялык мыйзамынын 3 – беренесинин 2 – бөлүгүнө ылайык, бул тутумдун бirimдиги төмөнкүлөр менен камсыздалат:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы, бул мыйзам, процессуалдык жана башка мыйзамдар менен орнотулган, сот адилеттүүлүгүнүн жалпы жана бирдиктүү принциптери менен;
2. сот адилеттүүлүгүн мыйзам менен орнотулган сот өндүрүшүнүн формаларында ишке ашыруу менен;
3. соттор тарабынан Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан укуктарын колдонуу менен;
4. соттордун макамынын бирдигин мыйзам аркылуу бекитүү менен;
5. Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларын аткарууга милдеттендирүү менен;
6. сотторду республикалык бюджеттен каржылоо менен.

1994 – 2009 – жылдарда жүргүзүлгөн өзгөрүүлөр сот тутумуна, саясаттан тышкары болуп жана укуктун үстөмдүгүн кепилдендирип, толугу менен өз алдынча бийлик бутагы болууга мүмкүндүк берген эмес. Мамлекеттик бийликти үч бутакка бөлүштүрүү принциби таанылгандыгына карабастан, сот тутуму азыркыга чейин бийликтин башка бутактарынан көз каранды болуп келүүдө.

Азыркы маалда, сот тутумун түзүү жана анын иштөөсүнүн принциптери менен түздөн-түз байланыштуу болгон, бир нече маанилүү көйгөйлөр бар. Алардын ичинен эң бир талаштуусу – Кыргыз Республикасында адистештирилген сотторду түзүү көйгөйү.

Кыргыз Республикасында административтик сотторду түзүү жана иштетүүгө байланыштуу болгон эң олутуу көйгөйлөрдүн ичинен төмөнкүлөрдү атоого болот: административтик сот органдарынын өзгөчө тутумун түзүү; административтик соттордун ыйгарым-укуктарын аныктоо, жана ошондой эле административтик, арбитраждык жана конституциялык соттордун ыйгарым-укуктарын чектештирүү; административтик соттордун соттук корпусун түзүү; административтик соттор тарабынан иштерди кароо процедурасын мыйзамдар менен бекитүү.

Административдик юстиция органдарынын келечектеги тутуму жөнүндөгү маселе эң көйгөйлүүлөрдүн бири, ошондуктан бул көйгөйдү изилдеген көпчүлүк окумуштуулардын ойлору көпчүлүк учурда карама-каршы мүнөзгө ээ. Азыркы маалда юридикалык илимдин өкүлдөру тарабынан административдик соттордун тутумун түзүүнүн бир нече концепциялары иштелип чыккан.

Административтик соттордун тутумун түзүү жөнүндөгү мыйзам долбоорунун демилгечилери төмөнкү аргументтерди келтиришет:

- бийлик субьектилери менен жеке жактардын ортосундагы талаштарды чечүү атайын билимдин бар болуусун талап кылат;
- администартивтик иштерге адистешкен соттордун заарылдыгы;
- административтик соттордун көз карандысыздыгын камсыздоо.

Ошону менен бирге, көпчүлүк окумуштуулардын ою боюнча, көрсөтүлгөн моделге ылайык, адистештирилген административтик соттор тутумун түзүү талаштуу бойдон калууда. Мисалы, Д.Н.Бахрахтын көз карашында, судьялардын адистиги соттордун адистигине караганда артыкчылыктуу [*Бахрах Д.Н. Нужна специализация судей, а несудов. Российская юстиция. №2.2003 . С.10*]. Анын позициясы төмөнкү жүйөлөр менен аргументтештирилет:

Биринчиден, жаңы сотторду түзүү олуттуу материалдык чыгымдарды талап кылат.

Экинчиден, мындай сотторду түзүү иштеп жаткан сот тутумунун бузулушуна алып келет.

Үчүнчүдөн, райондор аралык сотторду түзүү алардын калктын көпчүлүк бөлүгүнөн алыстоосуна алып келет, себеби жарандарга жана юридикалык жактарга өз укуктарын коргоо үчүн сотторго кайрылуу татаалдашат (жол, байланыш, каражат жана башка маселелерден улам).

Төртүнчүдөн, жаңы сот тутумунун түзүлүшүнүн өзү жарандардын сот адилеттүүлүгү менен байланышын татаалдантат.

Бешинчиден, райондо (шаарда) бардык иштерди кароого укуктуу болгон бирдиктүү соттун бар болушу сот бийлигинин беделин жогорулатууга өбөлгө болот, анын жергиликтүү администрациядан көз карандуулугу дагы аз болот.

Алтынчыдан, бирдиктүү райондук (шаардык) сотто соттордун ишин жакшыраак уюштурууга болот.

Келтирилген фактыларды жыйынтыктоодо, төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот: Кыргыз Республикасында адистештирилген административтик сотторду түзүү иштеп жаткан жалпы сот тутумун реформалоого алып келет. Буга байланыштуу, Е.Лупаревдун ою негиздүү көрүнөт: "Келечектеги административтик соттордун түзүлүшүнүн уюштуруучулук тутуму менен административтик-аймактык бөлүнүүнү айкалыштыруу же айкалыштырбоо экинчи кезектеги маселе".

Административдик мыйзамдарды жана сот өндүрүштү жакшыртуу тармагында диссертант төмөнкүлөрдү сунуштайт: адистештирилген административдик сотторду түзүү (башталгыч этапта райондор аралык соттордо административтик иштерди кароо боюнча сот адистигин киргизүү); Жарандык-процессуалдык кодекстен административдик иштерди кароо тартиби жөнүндөгү ченемдерди алып салуу менен, Административдик-процессуалдык кодексти иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; иштеп жаткан мыйзамдардын базасында административдик жоопкерчилик жөнүндөгү маселелерди жөнгө салган укук-ченемдик актыларды иштеп чыгуу; административдик процедуралар жөнүндөгү жаңы мыйзам иштеп чыгуу.

Көпчүлүк Батыш Европа өлкөлөрүндө жалпы юрисдикциядагы соттордун бөлүгү катары ювеналдык соттор иштейт. Россия Федерациясында, жашы жете электерге карата социалдык саясаттын укуктук негизи катары, ювеналдык юстицияны түзүү заарылдыгы жөнүндөгү маселе бир нече ирет талкууланган. Адистештирилген ювеналдык соттор негизги звено болушу керек. 1993 – жылы "Жашы жете электердин иштери боюнча соттор жана үй-бүлөлүк соттор жөнүндөгү" мыйзам долбоору иштелип чыккан, бирок кабыл алынган эмес.

Автор, көпчүлүк өлкөлөрдүн тажрыйбалары Кыргыз Республикасы үчүн дагы пайдалуу болмок, деп белгилейт. Жана, жакынкы аралыкта Кыргыз Республикасында ювеналдык соттор түзүлбөсө дагы, жок дегенде башталыш катары Бишкек жана Ош шаарларында мындай сотторду түзүү жөнүндөгү маселени Кыргыз Республикасынын сот тутумун реформалоо боюнча макулдашылган сунуштарды иштеп чыгуу боюнча Комиссиянын Кеңешмелерине кошууну сунуштайт.

Адистештирилген ювеналдык сотторду түзүүдө аларга, жашы жете элек жарандар укук мамилелеринин субьектилери болгон бардык иштерди (административтик, кылмыш, жарандык) кароону өткөрүп берүү максаттуу болот.

Сот реформасынын концепциясы сот адилеттүүлүгү органдар тутумун административтик, ювеналдык соттор менен кеңейтүүнү божомолдойт. Жалпы өлкөнүн масштабында мындай көлөмдүү ишти жүргүзүүнүн кереги жок. Диссертанттын ою боюнча, эксперимент катары эки аймакта: Бишкек жана Ош шаарларында, административтик иштер боюнча сотторду түзүү заарыл. Бул учурда, эмне үчүн бул эки аймакта, деген суроо жаралат.

Биринчиден, бул ишти жалпы өлкөнүн масштабында жүргүзүү өтө чоң чыгымдарды жана мамлекеттик органдар менен алардын кызмат адамдарынын чоң аракеттерин талап кылат.

Экинчиден, иштин конкреттүү, сапаттуу даярдалышы олуттуу убакытты талап кылат жана божомолдонгон аймактардагы тажрыйбанын негизинде натыйжалуу ишке ашырылат.

Үчүнчүдөн, административтик укук бузуулардын санын эске алуу менен, диссертациянын автору сот өндүрүшүнүн дал ушул түрүн тандоону чечти.

Төртүнчүдөн, кадрлар көйгөйүн дагы унутпоо заарыл. Жалпы даярдыктагы юристтердин административдик жана ювеналдык соттордун судьясынын милдетин аткарууга шыр эле аралашып кетүүсү күмөндүү.

Бул соттордун иштөө мөөнөтү бүткөн соң, алардын ишмердүүлүктөрүн кенен, ачык-айкын анализдеп чыгып, жалпы өлкөнүн масштабында мындай сотторду түзүү жөнүндөгү чечим кабыл алуу же андан ары дагы сапаттуу иштеп чыгуу үчүн чечим кабыл алууну жылдыруу керек.

## ТЫЯНАКТАР

Автор, изилдөөнүн жүрүшүндө тарыхый-укуктук жактан Кыргыз Республикасынын сот бийлигинин пайда болуусунда жана өнүгүүсүндө маселелерди талдоодо төмөнкүдөй тыянактарга келген.

Сот бийлигинин маңызын жана анын мамлекеттик бийлик тутумундагы ордун теориялык жактан изилдөөнүн негизинде автор төмөнкү аныктаманы сунуштайт: Сот бийлиги – мамлекеттик бийликтин мыйзамдарынын конституцияга жооп берерлигин көзөмөлдөө; мамлекет менен жарандар, юридикалык жактар ортосундагы социалдык кагылышууларды мыйзамдын негизинде чечүү; жарандардын аткаруу бийлиги органдары жана кызмат адамдары менен болгон өз ара аракеттеринде укугун коргоо; кылмыштарды иликтөөдө жана ыкчам-иликтөө иштерин жүргүзүүдө адам укугунун корголушуна көзөмөл жүргүзүү; юридикалык маанилүү фактыларды аныктоо үчүн түзүлгөн, мыйзамга негизделген, көз карандысыз жана өз алдынча бутагы.

Кыргыз Республикасында сот бийлигин жүргүзүүнүн принциптеринин укуктук маселелерин изилдөөдө Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана башка мыйзамдарда бекитилген, негиз салуучу жана жетектөөчү, демократиялык маңызды туюнтуп, бирдиктүү тутумду түзгөн сот бийлигинин уюшулушуна жана ишмердигине негиз болгон башаттар менен идеялар сот бийлигинин принциптери экени белгилүү болду. Демек, сот бийлигин жүзөгө ашыруунун конституциялык принциптери сот органдарын түзүүнү, соттордун укуктук макамын сот адилеттигин жүргүзүү процессин уюштурууну камсыз кылат.

Кыргызстан Орус империясына киргенге чейин сот адилеттигин бий соттору жана казы соттору ишке ашырган. Аталган соттордун айырмачылыктары сот адилеттигин ишке ашырууда социалдык ченемдерди (адат менен шариат) колдонгондугунан көрүнөт.

Кыргыздардын сот тутумунун эксплуататордук маңызы менен байыркылыгы укук бузуучуларга карата санкция колдонууда байкалып турат. Биз карап жаткан мезгилдерде соттор катаал жазаларды - өлүм жазасын, абакта кармоо, денеге залал келтирүү, кун, айып – колдонушкан. Санкциялар бийлер жана казылар тарабынан өз каалоосу боюнча аныкталып, кыргыздардын катардагы да, мусулман укугу боюнча да жаза колдонуунун эч кандай баскычы каралган эмес.

Кыргыз элинин турмушунун татаал кырдаалына карабастан, Оруссиянын тутумуна кошулгандан кийин жергиликтүү кыргыз сотунун орус сотуна алмашылышын жана ал тарабынан башкарылышын, бир жагынан, падыша өкмөтү чет жактардагы калкты эксплуатацияны өз максаты катары койгондугун, экинчи жагынан, орус мыйзамы, өзгөчө жарандык мыйзам жүргүзүлгөн реформалардан кийин адат жана шариатка караганда прогрессивдүү болгондугун эске алуу менен баалоо керек.

СССРдин жаңы Конституциясынын кабыл алынышы жана анын негизинде Кыргыз ССРинин уюшулушу учурунда Кыргызстандын аймагында анын автономдук баш ийүү шартында сот тутумунун баштапкы этабы оң көрүнүштөр менен мүнөздөлөт жана автономдук мамлекеттүүлүк республиканын Башкы соту башында турган эл сотторунун ишмердигин оптималдуу уюштурулушуна жана жөнгө салынышына мүмкүндүк берген. Кайра куруу мезгилинде сотторду уюштурууда жана алардын ишмердигинде позитивдик алга жылуулар болгон да, аны жакшыртуу үчүн демократиялык процесстер аныкталган.

1937-1991-жылдар аралыгында Кыргызстандын сот тутумун өнүктүрүүдө “Кыргыз ССРнин сот түзүлүшү жөнүндө” ж.б. сот органдарынын ишин жөнгө салуучу негизги мыйзамдар башкы ролду ойногон. Аталган ченемдик-укуктук актылар союздук республикалардын Жогорку сотторунун жана төмөн турган соттордун компетенцияларынын кеңейишин аныктаган.

Кыргыз Республикасы көз карандысыздыка ээ болгондон тартып Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жоболорунан сырткары, соттордун ишмердүүлүгүнүн түзүмү бир катар башка мыйзам актыларынын негизинде аныкталган: 1993 – жылдын 18 – декабырындагы «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Мыйзамынын, 1993 – жылдын 18 – декабырындагы «Кыргыз Республикасынын Конституциялык сот өндүрүшү жөнүндө» Мыйзамынын, 1999 – жылдын 8 – октябырындагы «Кыргыз Республикасынын сотторунун макамы жөнүндө» Мыйзамынын, 2001 – жылдын 30 – мартындагы «Кыргыз Республикасынын судьяларынын макамы жөнүндө» Мыйзамынын, 1997 – жылдын 1 – февралындагы «Кыргыз Республикасынын арбитраждык соттор тутуму жөнүндө» Мыйзамынын жана 2003 – жылдын 2 – февралындагы «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаны редакциясы жөнүндө» Жобонун.

Кыргыз Республикасынын сот бийлигинин тутумуна олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл, тагыраагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына сот макамын кайтаруу жана Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту деп атоо. Аны Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун курамынан чыгаруу, демек Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 93 – беренесинин 3 – пунктуна өзгөртүү киризүү. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 12 – беренесинин 1 – пунктундагы, “Конституциялык палата Жогорку соттун курамында иштейт”, деген 2 - абзацты жокко чыгаруу.

Сот бийлигинин конституциялык тутуму, Конституциянын реформасы менен бирге жүргүзүү зарыл болгон, олуттуу реформаларга муктаж. Буга байланыштуу автор Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6 – бөлүмүнүн (“Кыргыз Республикасынын сот бийлиги”) түзүмүн жана мазмунун өзгөртүүнү сунуштайт. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотун “Конституциялык көзөмөл органдары” аталыштагы өз алдынча 6 – бөлүмгө бөлүп чыгуу зарыл. Конституциялык Сот органдарын көзөмөлдөө органдары деп атоо керек.

Административдик юстиция органдарынын келечектеги тутуму жөнүндөгү маселе эң көйгөйлүүлөрдүн бири, ошондуктан бул көйгөйдү изилдеген көпчүлүк окумуштуулардын ойлору көпчүлүк учурда карама-каршы мүнөзгө ээ. Азыркы маалда юридикалык илимдин өкүлдөру тарабынан административдик соттордун тутумун түзүүнүн бир нече концепциялары иштелип чыккан.

Келтирилген фактыларды жыйынтыктоодо, төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот: Кыргыз Республикасында адистештирилген административтик сотторду түзүү иштеп жаткан жалпы сот тутумун реформалоого алып келет.

Административдик мыйзамдарды жана сот өндүрүштү жакшыртуу тармагында диссертант төмөнкүлөрдү сунуштайт: адистештирилген административдик сотторду түзүү (башталгыч этапта райондор аралык соттордо административтик иштерди кароо боюнча сот адистигин киргизүү); Жарандык-процессуалдык кодекстен административдик иштерди кароо тартиби жөнүндөгү ченемдерди алып салуу менен, Административдик-процессуалдык кодексти иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; иштеп жаткан мыйзамдардын базасында административдик жоопкерчилик жөнүндөгү маселелерди жөнгө салган укук-ченемдик актыларды иштеп чыгуу; административдик процедуралар жөнүндөгү жаңы мыйзам иштеп чыгуу.

Автор, көпчүлүк өлкөлөрдүн тажрыйбалары Кыргыз Республикасы үчүн дагы пайдалуу болмок, деп белгилейт. Жана, жакынкы аралыкта Кыргыз Республикасында ювеналдык соттор түзүлбөсө дагы, жок дегенде башталыш катары Бишкек жана Ош

шаарларында мындай сотторду түзүү жөнүндөгү маселени Кыргыз Республикасынын сот тутумун реформалоо боюнча макулдашылган сунуштарды иштеп чыгуу боюнча Комиссиянын Кеңешмелерине кошууну сунуштайт.

**Диссертациянын негизги мазмунун чагылдырган макалалардын тизмеси:**


1. **Атакулова А.А.** Заочное производство. [Текст] / А.А. Атакулова // Национальная академия наук Кыргызской Республики. Институт философии и права. Современность: философские и правовые проблемы. 1часть. - Бишкек, 2000. - С.184-188.
2. **Атакулова А.А.** Органы судебной власти. [Текст] / А.А. Атакулова // Кыргызско-Российская академия образования. Правоохранительные органы Кыргызской Республики. Учебное пособие. Под ред. Кулбаева А.К. Глава 2. Параграфы 1-4. – Бишкек, 2001. С.10-50.
3. **Атакулова А.А.** Судебная власть и правосудие: понятие и соотношение. [Текст] / А.А. Атакулова // Национальная академия наук Кыргызской Республики. Институт философии и права. Гуманитарные проблемы современности. - Бишкек, 2001. - С.114-118.
4. **Атакулова А.А.** Краткий историко-правовой очерк законодательства о судоустройстве кыргызов после вхождения их в состав России. [Текст] / А.А. Атакулова // Национальная академия наук Кыргызской Республики. Институт философии и права. Гуманитарные проблемы современности. Научные труды молодых ученых. - Бишкек, 2002. - С.94-99.
5. **Атакулова А.А.** Понятие суда и судебной системы Кыргызской Республики. [Текст] / А.А. Атакулова // Национальная академия наук Кыргызской Республики. Институт философии и права. Современность: философские и правовые проблемы. - Бишкек, 2002. С.144-147.
6. **Атакулова А.А.** Становление судебных органов в начальный период развития советской государственности. [Текст] / А.А. Атакулова // Национальная академи наук Кыргызской Республики. Институт философии и права. Современность: философские и правовые проблемы. Книга 1. - Бишкек, 2003. С.172-178.
7. **Атакулова А.А.** Некоторые вопросы совершенствования деятельности местных судов Кыргызской Республики. [Текст] / А.А. Атакулова // Научно-методический журнал. Вестник Кыргызской государственной юридической академии. - №1. - Бишкек, 2008. С.70-74.
8. **Атакулова А.А.** Суды биев и суды казиев до вхождения кыргызов в состав России. [Текст] / А.А. Атакулова // Казахстанский журнал Международного права. Научно-теоретический и информационно-практический журнал. - №1(33). - Алматы, 2009. С.112.
9. **Атакулова А.А.** Некоторые аспекты судебной реформы в Кыргызской Республике. [Текст] / А.А. Атакулова // Казахстанский журнал Международного права. Научно-теоретический и информационно-практический журнал. - №1(33). - Алматы, 2009. С.115-118.
10. **Атакулова А.А.** Принципы судебного разбирательства экономических дел. [Текст] / А.А. Атакулова // Научно-методический журнал. Право и политика. - №1.- Бишкек, 2010. С.187-190.
11. **Атакулова А.А.** Независимость судей - конституционный принцип судебной власти. [Текст] / А.А. Атакулова // Научно-методический журнал. Право и политика. - №3. - Бишкек, 2011. С.70-72.

12. **Атакулова А.А.** Сот бийлигинин конституциялык принциптерин иш жүзүндө ашыруу формалары. [Текст] / А.А. Атакулова // Научно-методический журнал. Вестник Кыргызской государственной юридической академии. - Бишкек, 2014. С.77-80

13. **Атакулова А.А.** Кыргыз Республикасында административдик сотторду түзүү зарылдыгынын суроолору. [Текст] / А.А. Атакулова // Национальная академия наук Кыргызской Республики. Институт философии и политико-правовых исследований. Гуманитарные проблемы современности. - Бишкек, 2015. 23-27 бет.

14. **Атакулова А.А.** Принципы осуществления судебной власти. [Текст] / А.А. Атакулова // Агенство международных исследований. Новая наука: от идеи к результату. (ISSN 2412-9755). РИНЦ. - Стерлитамак, 2015. С.148-150.

15. **Атакулова А.А.** Содержание принципа независимости судей в Конституции разных стран. [Текст] / А.А. Атакулова // Агенство международных исследований. Новая наука: от идеи к результату. (ISSN 2412-9755). РИНЦ. - Стерлитамак, 2015. С.150-152.

16. **Атакулова А.А.** Краткий историко-правовой очерк судоустройства кыргызов после вхождения их в состав России. [Текст] / А.А. Атакулова // Материалы XVII международной научно-практической конференции. Тенденции и перспективы развития современного научного знания. РИНЦ. - Москва, 2015. С.55-59.

17. **Атакулова А.А.** Организация и деятельность судов Кыргызстана в составе автономного подчинения. [Текст] / А.А. Атакулова // Материалы XVII международной научно-практической конференции. Тенденции и перспективы развития современного научного знания. РИНЦ. - Москва, 2015. С.59-64.

**Атакулова Аида Асыпбековнанын «Кыргыз Республикасындагы сот бийлиги: тарыхый-укуктук изилдөө» деген темада юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн 12.00.01- мамлекет жана укуктун теориясы жана тарыхы; мамлекет жана укук жө нүндө окуунун тарыхы** адистиги **боюнча жазылган диссертациялык изилдөө ишинин**


## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** сот, мамлекеттик бийлик, сот бийлиги, сот адилеттиги, сот өндүрүшү, сот-укуктук мамилелер, сот органдары.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп кыргыздардын Орусс империясынын курамына киргенге чейинки мезгилден баштап азыркы мезгилге чейин сот бийлигинин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү укуктук мамилелер эсептелет.

**Изилдөөнүн предметин** изилденген мезгилдеги ченемдик-укуктук актылар менен жөнгө салынган сот бийлиги менен байланышкан коомдук мамилелер түздү.

**Диссертациялык иштин максаты** - сот бийлигинин түшүнүгүн, анын ар бир өнүгүү этабындагы укуктук өзгөчөлүгүн, ошондой эле Кыргыз Республикасындагы сот бийлигинин негизги багыттарын аныктоо болуп саналат.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи** болуп сот-укуктук турмуш чындыгын диалектикалык таанып-билүү методу; тутумдук-түзүмдүк, логикалык жалпы илимий методдор; бир катар жекече илимий методдор; формалдык-юридикалык; тарыхый-юридикалык; салыштырмалуу-укуктук методдор кызмат кылды. Андан тышкары, теориялык-божомолдоо усулдары, сот-укуктук мамилелер тармагындагы иш-аракеттерде алынган фактылык маалыматтарга статистикалык талдоо меттодору колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** болуп, изилденген иштин өзү юридика илиминде Кыргыз Республикасында Сот бийлигинин пайда болуусун жана өнүгүүсүн тарыхый-укуктук жактан изилдеген тунгуч аракет, алгачкы изилдөө, ошондой эле ата-мекендик укук таануудагы мамлекеттик тилде жазылган илимий эмгектердин бири болуп саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн материалдарын колдонуу деңгээли:** диссертацияда келтирилген сунуш-пикирлер юридикалык илимдеги жана сот бийлиги тармагындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы көйгөйлүү маселелерге мындан ары илимий изилдөөлөрдү жана практикалык иштерди жүргүзүүгө, Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу боюнча окуу китептерин жана окуу куралдарын даярдоого кошумча адабий булак катары колдонулушу мүмкүн.

**Колдонуу тармагы:** мамлекеттин жана укуктун теориясы, конституциялык укук, сот органдарынын тажрыйбалык ишмердүүлүгү.

# РЕЗЮМЕ

**на диссертацию Атакуловой Аиды Асыпбековны на тему «Судебная власть в Кыргызской Республике историко-правовое исследование» на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.01. – теория и история права и государства; история учений о праве и государстве.**

**Ключевые слова:** суд, государтсвенная власть, судебная власть, правосудие, судопризводство, судебно-правовые отношения, судебные органы.

**Объектом диссертационного исследования** являются правовые отношения, складывающиеся в сфере регулирования судебной власти в период до вхождения кыргызов в состав России по сегодняшний день.

**Предмет исследования** составляют общественные отношения в рассматриваемых периодах в сфере судебной власти, урегулированные нормативно-правовыми актами.

**Целью исследования** является определение понятия судебной власти, выявление ее особенностей на каждом этапе развития, а также основных направлений совершенствования судебной власти в Кыргызской Республике.

**Методологическую основу исследования** составляют диалектический подход к познанию процессов судебно-правовой действительности, системно-структурные, логические, общенаучные, частно-научные, формально-юридические, сравнительно-правовые методы. Кроме того, были использованы теоретико-прогнозируемые методы, а также статистический анализ фактической информации, полученной в области судебно-правовых отношений.

**Научная новизна диссертационного исследования** заключается в том, что диссертация является одной из первых научных работ отечественного правоведения, написанных на государственном языке, а также в ней впервые проведено исследование становления и развития судебной власти в правовом аспекте.

**Степень применения материалов диссертационного исследования:** рекомендации, приведенные в диссертационном исследовании, могут применяться в проведении дальнейших научных исследований и практических работ в ходе решения актуальных проблем юридической науки и законодательства Кыргызской Республики в сфере судебной власти, а также могут быть использованы в качестве дополнительного источника при разработке учебников и учебных пособий по конституционному праву Кыргызской Республики.

**Область применения:** теория государства и права, конституционное право, практическая деятельность судебных органов.

## SUMMARY

**thesis on Atakulava Aida Asypbekovny on "Judicial authority in the Kyrgyz Republic, historical and legal research" for the degree of candidate of legal sciences, specialty 12.00.01. - Theory and history of law and state; history of doctrines about the law and the state.**

**Key words:** court, gosudartsvennoy power, judiciary, justice, sudoprizvodstva, judicial-legal relations, the judiciary.

**The object of the research** are the legal relations in the sphere of judiciary control in the period before entering the Kyrgyz part of Russia today.

**The subject of research** is made public relations for the respective periods in the area of the judiciary, to resolve legal and regulatory acts.

**The aim of this study** is the definition of the judiciary, the identification of its characteristics at each stage of development, as well as the main directions of improvement of the judiciary in the Kyrgyz Republic.

**The methodological basis of the** study constitute a dialectical approach to the knowledge of the processes of judicial-legal reality, systemic and structural, logical, scientific functions, private and academic, formal and legal, comparative legal methods. In addition, the predicted theoretical methods and statistical analysis of the factual information obtained in the field of judicial and legal relations were used.

**Scientific novelty of the research** lies in the fact that the thesis is one of the first scientific works of domestic jurisprudence, written in the national language, as well as her first studied the formation and development of the judiciary in the legal aspect.

**The degree of the products of the research:** recommendations in this thesis can be used in further research and practical work in the course of solving the urgent problems of jurisprudence and legislation of the Kyrgyz Republic in the field of the judiciary, and also it can be used as an additional source in the development of textbooks and manuals on constitutional law of the Kyrgyz Republic.

**Scope:** the theory of state and law, constitutional law, the practical activity of the judiciary.